455

Аң-сезим
# Ал-Ваъй
الوعي

Кеңири көлөмдүү фикирий-сакафий журнал

Отуз тогузунчу жыл чыгышы, зулхижжа, 1445-х. – июль, 2024-м.

Ал-Ваъй сөзү

## Фалестинди азат кылуу маселеси менен Халифалыктын шексиз кайтышы ортосундагы тыгыз байланыш

Газа: яхудийче согуш жана улуу яхудий мамлекети арзуусу 20

Газада болуп жаткан куялар Батыш дүйнөсүн силкинтти 34

Газа: Кылыч иштетүү керек болгон учурда көз жаш эң жаман курал 40

Яхудийлердин суннатта айтылган сапаттары 82

Баскынчы менен Саудиянын жашыруун кызматташтыгы 87

Ар бир камарий айдын биринчи күнү Ливан университетинин мусулман жаштары тобу тарабынан Ливан маалымат министрлигинин 1989-жылы 15-ноябрда берген №166 уруксаты менен чыгарылат

www.al-waie.org subjects@al-waie.org

الوعي

455

Отуз тогузунчу жыл чыгышы
Зулхижжа 1445-х.
июль. 2024м

НУСКА БААСЫ

Ливан 1000 лира
Яман 30 риял
Түркия 1 доллар
Пакистан 1 доллар
Австралия 2,5 доллар
Америка 2,5 доллар
Канада 2,5 доллар
Германия 2,5 евро
Швеция 15 крон
Бельгия 1 евро
Британия 1 евро
Швейцария 2 франк
Австрия 1 евро
Дания 15 крон

# Ушул санда

– ***Ал-ваъй сөзү:*** Фалестинди азат кылуу маселеси менен Халифалыктын шексиз кайтышы ортосундагы тыгыз байланыш ........ 3

– Газа: яхудийче согуш жана улуу яхудий мамлекети арзуусу ........ 20

– Газада болуп жаткан окуялар Батыш дүйнөсүн силкинтти ........ 34

– Газа: Кылыч иштетүү керек болгон учурда көз жаш эң жаман курал ........ 40

– Антисемитизм жана анын Фалестин маселесине байланышы (2) ........ 46

– Эки харам өлкөсү коркунуч астында! ........ 57

– ***Аалам мусулмандарынын кабарлары***... 67

– ***Куръани Карим сабагында*** ........ 74

– ***Бейиш бактары:*** Яхудийлердин суннатта айтылган сапаттары........ 82

– ***Соңку сөз:*** Баскынчы менен Саудиянын жашыруун кызматташтыгы ........ 87

– Американын «Rand» корпорациясы: Кошмо Штаттардын күнү батып бара жатат? ........ 88

# ФАЛЕСТИНДИ АЗАТ КЫЛУУ МАСЕЛЕСИ МЕНЕН ХАЛИФАЛЫКТЫН ШЕКСИЗ КАЙТЫШЫ ОРТОСУНДАГЫ ТЫГЫЗ БАЙЛАНЫШ

**Салих Абдуррахим – Алжир**

2023-жылы 7-октябрда Газага жасалган согуш бир канча нерселерди ачыкка чыгарды. Алардын эң маанилүүлөрү:

– Яхудий вужудуна дүйнөнүн бардык тарабынан – айрыкча, бул вужуддун негизги коргоочусу болгон АКШдан – Батыштын колдоп-кубаттоосу келип жатканына карабастан бул вужуд Батыш ал жөнүндө маалымат каражаттары жана башкалар аркылуу пайда кылган кубатка ээ эмес. Бул саясий алдоо болуп, Батыш мындан мусулмандарды рухий сындырууну көздөгөн жана дагы эле көздөйт. Т.а. Батыш «Ислам Умматы алсырап, кордуктун эң түбүнө түштү, Ислам Умматы өлдү же өлүм жакасында, яхудийлер менен мамилелерди нормалдаштыруудан башка чара жок» деген фикирди сиңдирмекчи. Бул болсо яхудий вужудунан үстөм келүү мүмкүнчүлүгүн жөн гана элестетүүнү да өтө кыйын нерсеге айлантат. «Аны аскерий жол менен жеңүү же жок кылуу жөнүндө айтпаса да болот. Андыктан анын артында турган бүткүл Батыш күчтөрүн жеңүү жөнүндө кантип ойлонуу мүмкүн?!». Бул болсо мусулмандардын колонизатор душман капиталисттик Батыш күчтөрүнө толук моюн сунушун, баш ийишин түшүндүрөт. Түпкүлүгүндө, чындык мунун тескериси. Себеби, бул согуш жогорудагы фикирдин тескерисин далилдеди жана бүткүл Умматта жихад рухун жандантты. Бул согуш Батыш яхудий вужудуна канчалык жардам көрсөтпөсүн, бир топ мужахиддер же мусулман армияларынын бир бөлүгү эле бул коркок вужудду бир согушта эле жок кылууга кудуреттүү экендигин көрсөттү. Бул үчүн ушул армиялар эрки малай өкүмдарлардын чеңгелинен азат болушу шарт. Бул маселедеги негизги чекит мына ушул! Мына, биз Ислам Умматы жер жүзүндө

жалгыз бир Уммат жана таптакыр өлбөй турган тирүү Уммат экендиги жөнүндөгү ачык-айкын чындыкка күбө болуп жатабыз!

– Бул согуш яхудий вужуду Фалестин жеринде яхудийлер үчүн да, башкалар үчүн да бакубат мамлекети эместигин көрсөттү. Тескерисинче, ал Ислам жана мусулмандардын душманы болгон Батыш өзүнүн кызыкчылыгы үчүн жараткан жырткыч, функционалдык, гибрид вужуд болуп, бул вужудду өзгөчө Америка колдоодо. Бул Батыштын мусулман өлкөлөрүндө өз таасирин жана өкүмдарлыгын улантуу, байлык жана ресурстарын талап-тоноо үчүн эң маанилүү колонизаторлук куралдарынын бири. Бул иштер региондун итааткөй, малай өкүмдарлары менен толук келишилип жүзөгө чыгарылат. Бул иштер бөлүп жаруу аркылуу регионду моюн сундруу, анын биригишине тоскоолдук кылуу, мусулмандарды бириктирүүчү Халифалык мамлекетин тикелеп, мусулман өлкөлөрүнөн колонизаторлорду кууп чыгарууну талап кылган күчтүн кайра тикеленишине жол бербөөнү өз ичине алат. Газадагы согуш ушул нерселерди ачыкка чыгарды. Халифалык кулагандан кийинки мусулмандардын абалы ушуну көрсөттү – мусулман өкүмдарлары душмандын катарына өтүп алышты.

– О.э. бул согуш яхудий вужуду түзүлгөндөн тартып бар болушу Американын каалоосуна байланыштуу экенин көрсөттү. Бул вужудду радикал, илманий, бузгунчу, сионист жана касташкан яхудийлерден турган акылга сыйгыс арамза, душманчыл кылмышкер топ башкарат. Алар өз колдоочуларын маскаралап, шантаж кылышат. Бул алардын Аллах Таала Өзүнүн Китебинде мүнөздөгөндөй кыянаттык, кордук жана ач көздүк сыяктуу сыфаттарын, аларга кордук жана зардык жазылганын, алар Аллахтын каарына учурашканын ачыктайт. Бул кылмышкер вужуддун саясий чөйрөсү абдан күчсүз, бул нерсе согуштан мурун ашкере болбогон эле. Шек-күмөнсүз бул согуш анын келечегин үрөй учурган акыбеттерге алып келет. Ал ушундай бир из калтырат, бүткүл дүйнөдө, айрыкча, мусулман өлкөлөрүндө сансыз козголоң жана чыр-

чатактарды чыгарышы мүмкүн. Бул болсо бүткүл адилетсиз эл аралык системанын жемирилишине, ушул таризде Ислам Умматы Батыштагы душмандарынын чеңгелинен азат болушуна жана яхудий вужудунун кыйрашына алып келиши мүмкүн.

Бирок, шексиз Газадагы Фалестин калкына каршы азыркы эле эмес, мурунку жана кийинки бардык согуштар натыйжасында белгилүү болгон эң маанилүү нерсе – Фалестин проблемасы жана аны азат кылуу маселеси бүткүл мусулман жерлеринде Халифалыкты кайра тикелөө зарылдыгына байланыштуу. Ушул көз караштан караганда бул маселе алгач Батыштын Ислам Умматына каршы жүргүзгөн жана 1924-жылы Халифалык кулатылып, бекер кылынышы менен бүткөн күрөшүндө пайда болгон. Усманий Халифалык мамлекетин кулатпай туруп Шамды, Фалестинди басып алуу мүмкүн эмес эле. Халифалык кулатылгандан кийин ири мамлекеттер, өзгөчө, Британия Фалестин калкын көчүрүп, 1948-жылы мусулман өлкөлөрүнүн борборунда (израиль) вужудун тикелөө аркылуу Фалестинди мусулмандарга касташкан душмандарга тапшырды. Бул Исламды бийликтен четтетүү, мусулман өлкөлөрүн ыдыратуу, Ислам Умматы жок кылынбаса да аны көзөмөлдөөнү күчөтүү аркылуу исламий калктарды моюн сундуруу тууралсындагы колонизаторлук долбоору алкагында ишке ашырылды. Бул фитнанын көлөмүн түшүндүрүү үчүн ушуларды айтабыз:

Бир нече кылым мурун Европада диндин жашоодон бөлүнүшү тарыхий бурулуш болуп, бул илманий-секуляристтик идеяга негизделген мамлекеттердин пайда болушуна жана бул мамлекеттерде жаңы хазарат жана жашоо таризи калыптанышына алып келди. Өлкөлөрүбүздө диндин мамлекеттен бөлүнүшү Умматтын жашоосунда мункар бидъатты пайда кылды. Бул кыйратууучу сокку Халифалык мамлекетин жок кылуу аркылуу Исламды бийликтен четтетүүдө өз тастыгын тапты. Амалий вакиъликте көрүнгөн нерсе мусулмандардын эл аралык күрөш майданынан жана дүйнө сахнасынан четтетилиши болду. Мусулмандар Ислам келгенден бери өкүм жүргүзүү,

саясат жана мамлекет иштерин башкарууда Халифалык түзүмүнөн башка түзүмдү билишпеген.

Европада диндин мамлекеттен бөлүнүшү кыйроодон, начарлоодон чыгуу чарасы болду. Бул бардык тармактарда муфаккирлер, окумуштуулар, саясатчы жана жаратмандар үчүн башталгыч чекит болуп, андан Европа коомунда чиркөө жана руханийлердин өкүмдарлыгынан толук азат болууга негизделген кеңири көлөмдүү ойгонуу келип чыкты. Мусулман өлкөлөрүндө Ислам акыйдасына негизделген мамлекеттин (Халифалык мамлекетинин) кулашы бардык тармактарда үрөй учурган кыйроо-начарлоону алып келди. Христиандык акыйда мурун да, учурда да акыл кабыл албаган карама-каршылыктарды өз ичине алгандыктан христиандар жаңы акыйда кабыл алышы зарыл болду. Мындан Европада бир тараптан дин, экинчи тараптан акыл жана илим ортосунда т.а. руханийлер менен философ жана муфаккирлер ортосунда белгилүү карама-каршылык жүзөгө келди. Натыйжада, туура же батылдыгына карабастан, динди жашоодон жана коом иштеринен четтетүү жүзөгө келди. Себеби, анын негизи акылдын жыйынтыктары жана илим ачылыштары менен кагылышты. Натыйжада биз бүгүн бүткүл Батыш дүйнөсүндө көрүп турган хазарат жана маданият пайда болду. Бул нерсе баёо адамга Батыш көп кылымдар чыгыштан үстөм болгондой кылып көрсөттү. Бул Европадагы абал. Мусулман өлкөлөрүндөгү абалга келсек, динди мамлекеттен жана саясаттан бөлүү Ислам Умматы түзүлгөндөн жана адамдар үчүн чыгарылгандан бери мусулмандарга жеткен эң чоң кырсык алып келди. «Алардын чечимдери биздин проблемаларыбызга айланды» деген сөз абдан туура! Эгер мусулмандар Исламдын негизи т.а. акыйдасы акылга курулганын түшүнүп жетишсе, бул айырманы түшүнүү кыйын эмес. Бул жерде акыл менен да, илимдин чечимдери менен да таптакыр карама-каршылык жок. Бул карама-каршылык Ислам хазаратына бүтүндөй жок. Ошондуктан, батыштыктар саясат деп атаган нерсе биздин назарыбызда дин болуп эсептелет. Белгилүү болгондой, бул эки хазарат

ортосунда таптакыр окшоштук жок. Себеби, проблема негизде жатат.

**Мусулмандар өз өлкөлөрүндө динди саясаттан бөлүү натыйжасында куру калуу, кыйроо, артта калуу, тартипсиздик, ойрондулук, кордук жана колония болуу гана жетишишти. Динди саясаттан бөлүү мусулмандардын иштерин камкордук менен башкарган Халифалык мамлекетинин жок болушунан башка нерсени түшүндүрбөйт. О.э. бул жер жана ар-намыстан, ыйык жайлардан жана жетишилген ийгиликтерден ажыроо, бардык тармакта бүткүл аракеттин бүлгүн болушу дегени. Бүгүнкү күндөгү Умматтын абалы ушундай. Чынында эле ушундай эмеспи?!**

Уммат арасында фикирий жана саясий иш алып баруу маанилүү экендиги мына ушундан келип чыгат. Батыш пайда кылган ушул тескери вакиъликке каршы туруу, үзүлгөн нерселерди байлоо жана Умматты Аллах каалаган өзүнүн чыныгы ролуна кайтаруу аркылуу иштерди туура багытка салуу үчүн Уммат арасында ушул фикирий жана саясий аракетти жүргүзө турган эч болбогондо бир саясий хизбдин бар болушу зарыл жана важибдиги да ушундан келип чыгат. Хизб-ут-Тахрир мына ошон үчүн түзүлдү. Ал 1953-жылда түзүлгөндөн тартып Батыштын мусулман өлкөлөрүндө жасаган кылмыштарын, мындан Уммат башына түшкөн кырсык жана кыйынчылыктарды фикир жана ишеним менен четке кагууга киришти. О.э. ал саясий күрөш жана аракет тарыйкаттын бир бөлүгү катары мусулман өлкөлөрүндөгү Батыш колонизаторлугуна каршы күрөшүүгө киришти. Хизб Умматты көз карандылыктан азат кылууну, Батыштын Ислам Умматына ар тараптуу таасирин жоюуну, Умматты колонизатор кафирдин чеңгелинен, карасанатайлыгынан, адашууга баштаган ыплас идеяларынан жана жалган хазаратынан куткарууну максат кылды. Хизб мусулман өлкөлөрүндө Ислам башкаруудан четтетилип, Ислам мусулмандардын аң-сезиминдеги жана иштериндеги үрф-адаттарга т.а. ибадат жана жеке ахлактарга чектелип калгандан кийин Ислам Умматында кеңири көлөмдүү ойгонууну пайда кылууну,

улуу Ислам жана шарият кемсинтилишинен келип чыккан бардык нерселерди тазалоону максат кылды. Хизб муну дин менен саясатты бөлүү Умматтын мусибатынын башы, проблеманын өзөгү жана оорунун булагы экенин түшүнүп жетип ишке ашырды. Аллах Таала айтат:

﴿أَفَحُكۡمَ ٱلۡجَٰهِلِيَّةِ يَبۡغُونَۚ وَمَنۡ أَحۡسَنُ مِنَ ٱللَّهِ حُكۡمٗا لِّقَوۡمٖ يُوقِنُونَ﴾

***«Динсиздик өкүмдар болуусун каалашабы, ыйманы толо болгон коом үчүн Аллахтан да чырайлуу өкүм кылуучу ким бар?!»*** [5:50]

Хизб алып барган күрөштүн пайдубалы Батыштан келген жийиркеничтүү секуляризмге каршы туруу жана Батыштын колонизаторлук пландарын ачыктоо болду. Ал мусулмандарды бириктирген жана алардын бүтүндүгүн коргогон Халифалык мамлекети кулатылышы натыйжасында Умматтын башына түшкөн Исламды башкаруудан четтетүү кырсыгынан тартып Батыштын малайлары бүткүл өлкөлөр бойлоп жасап жаткан нерселерди да ачыктады. Мусулмандар өткөн кылымдын башынан бери биринчи ирет душмандарынын өкүмдарлыгы астында калышты. Ошондой болгон соң, мындан чоңураак мусибат барбы?!

Мамлекет кыйрагандан кийин башка балта түшүп, көпчүлүк мусулмандар оор кайгы жана үлкөн кооп-коркунуч алдында экендиктерин түшүнүп жетишкен соң, алардын арасында «эркиндикке алып бара турган жол кандай болот?», «Исламды жашоого кайтаруу жолу кандай?» деген суроолор пайда болду. Бирок, бул ирет мусулмандар мамлекеттерин жоготкон соң, кайгы оор болду, балээ-мусибаттар көбөйдү жана проблема өтө татаалдашты. Ошентип, душмандардын фитналары эки эсе көбөйдү жана колонизатор кафирлер учурдагы абалды, көз карандылык жана жеңилүү абалын бекемдөө үчүн фитнанын жаңы баскычына т.а. саткын жана малай өкүмдарларга таянууга өтүштү. Себеби, алар Усманий мамлекет начарлаган доордо, т.а. Франция чабуулунан кийин Мисирде Мухаммад Али жана андан мурунку башка өкүмдарлар доорунда мунун натыйжасын көрүшкөн.

Бул колонизаторлук ыкма эле. Айрыкча, колонизатор Америка Ислам өлкөлөрүнүн калкы, байлык жана мүмкүнчүлүктөрү ар бир каракчы жана ууру үчүн ачык болуп калгандан кийин олжодон т.а. бул өлкөлөрдүн байлыктарынан өз үлүшүн алуу үчүн Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин европалыктар менен күрөшкө киргенде мына ушул ыкмага таянды. Америка 1952-жылы Кинана жерин, анын артынан башка өлкөлөрдү төңкөрүш уюштуруу аркылуу англистерден тартып ала башташы капыстык эмес. Андан мурун нажас сионисттер Фалестин жеринде 1948-жылдан баштап Умматтын жүрөгүнө сайылган уу канжар болуу үчүн мамлекетке ээ болушу да таң калычтуу эмес. Халифалык мамлекетин жок кылуу аркылуу мусулмандар Фалестин жеринен четтетилгенден кийин яхудий мамлекети «эл аралык коомчулук» тарабынан, ал тургай колонизаторлор мусулман өлкөлөрүндө пайда кылган режимдер тарабынан моюнга алынды жана колдоп-кубатталды. Максат Ислам Умматы үстүнөн көзөмөлдү күчөтүү, үстөмдүктү камсыздоо, гегемондукту улантуу жана жеңишти түбөлүк кылуу болгон. Чындык ушул – Газага каршы бир нече айдан бери болуп жаткан бул согуш Батыш менен болуп жаткан күрөштүн бир баскычы гана.

Бирок, ушундай шарттарда, кафирлердин мусулмандарга каршы айла-амалдары көбөйүп, алардын фитналары мамлекет кулагандан мурункудан, кулаган убактагынан бир нече ирет күчөгөндөн кийин Ислам Умматынын так жүрөгүндө Хизб-ут-Тахрир түзүлдү. Күрөш чокусуна чыккан эле. Хизб Аллахтын тавфики жана ырайымы менен мусулман өлкөлөрүндөгү кырсык жана балээлердин негизи, жоготуулар, бөлүнүүлөр, бытырандылык, кордук, жакырчылык, жаман башкаруу, начардык жана ойрондулуктун себепчиси – Исламды башкаруудан четтетүү аркылуу динди саясаттан бөлүү экендигин түшүндү. Бул турмуштун бардык тармактарында, өзгөчө, башкаруу жана экономикада адамдардын иштерин Ислам өкүмдөрүнө ылайык башкарган мамлекеттин жоктугун түшүндүрөт. Бул мамлекеттин кайтышы Умматтын фикирий жана саясий

жактан ойгонушуна гана байланыштуу. Дагы Хизб кафирлердин мусулмандарды алдашы жана аларга айла-амал кылышы акыйкат менен батыл ортосундагы күрөш бүтүшү менен гана аягына жетерин түшүндү. Бирок, мусулмандардын бирер учурда т.а. Уммат турмушунун бирер учурунда кафир жана мунафыктардан турган батыл калкына алданбашына келсек, бул башка маселе. Бул мусулмандар негизги маселелерин канчалык түшүнүүлөрүнө жана турмуштагы маанисин канчалык билишине байланыштуу. О.э. бул алардын Исламды канчалык түшүнүүлөрүнө, динин бекем кармашына жана мамлекетин сактап калууларына байланыштуу.

Исламга сокку берүү жана мусулмандарды алдоо үчүн кафирлер түзгөн пландар өтө көп?! Мисалы, жакынкы тарыхта Ислам жана мусулмандардын душманы болгон Британиянын болуп көрбөгөн айла-амалдарды иштетип Усманий Халифалык мамлекетин кулатканын көрөбүз. Анын айла-амалдарынын бири – ал яхудий малай Мустафа Кемалды натыйжалары алдын ала даярдалган сахналаштырылган согуштардагы жасалма жеңиштер аркылуу араб жана түрк мусулмандарынын назарында «теңдешсиз каарманга» жана «улуу куткаруучуга» айлантты. Ошондуктан, бир топ аң-сезимдүү момундарды кошпогондо, мусулмандар Стамбулдагы Халифалык сарайын кулатууда аны ээрчишти. Дагы анын эң жемиштүү айла-амалдарынын бири – ал мамлекет кулатылгандан кийин мусулмандардын зээнине коомду оңдоо жолу катары адамды оңдоо идеясын сиңдирди. Мындан максат зээндерди саясаттан жана биринчи кезекте тезинен Халифалык мамлекетин кайра тикелөө важибдигинен буруу болгон. Бул болсо, аклий да, шаръий да Уммат иштерин оңдоонун жолу эмес эле. Себеби, Умматтын абалын оңдоо Уммат өздүгү негизинде мамлекетти тикелөө аркылуу ишке ашырылышы анык. Анткени, адамдардын бардык иштерин шаръий өкүмдөргө ылайык ушул мамлекет башкарат. Шаръий түрдө буга алып бара турган жол адамдарды ибадат жана ахлак аркылуу оңдоо эмес, Халифалыкты тикелөө үчүн мусулмандардын саясий жактан уюшуусу болгон. Анын айла-амалдарынан дагы

бири ушул – ал 1916-жылы Биринчи дүйнөлүк согушта арабдарга «залим» түрктөрдөн эгемен болууну убадалап, «улуу араб козголоңунда» аларды Усманий Халифалык мамлекетине каршы колдоп-кубаттады. Ошол убакта Мекке жана Хижаз акими болгон Шариф Хусайн Умматтын эң касташкан душманы болгон англис мамлекетинин буйругу менен бул козголоңго башчылык кылды. Мунун натыйжасында Уммат кырсыкка, кыйроого жана кордукка учурап, колонияга айланды. Бул Усманий мамлекетти кулатуу жараяны англистер колдонгон эң жемиштүү шайтаний ыкмалардын бири болду. Эгер мусулмандарда бир аз акыйдадан келип чыккан саясий аң-сезим болгондо душмандары түзгөн кылдат пландын курмандыгы болушмак эмес.

Душмандар түзгөн жана бизди башка иштер менен бирге ушул оор абалга алып келген фитналардын бири 1905-жылы Нарманда болуп өткөн Кемпбел конференциясы болуп, анын сессиялары Британия консерваторлорунун жашыруун сунушу менен 1907-жылга чейин уланды. Максат эң чоң ийгиликтерге жетүү жана аларды мүмкүн болушунча узак мөөнөт сактап калуу болгон. Конференцияга Британия, Франция, Голландия, Бельгия, Испания ва Италия катышты. Бул конференциянын натыйжасында Европа мамлекеттери «Кемпбел документи» деген жашыруун документ кабыл алышты. Анда белгиленгендей, Жер ортолук деңиз колонизаторлуктун чыгышты батыш менен байланыштырган, Азия жана Африканы байлай турган табигый өтмөктөрүнүн маанилүү артериясы болуп эсептелет. Бул регионго дини жана тили бир, жалгыз бир Уммат жашаган бир мамлекет т.а. Усманий Халифалык мамлекети ээлик кылган. Ошондуктан, конференцияда регион калктарын бөлүнгөн, жахил жана начар абалда кармоо чечими кабыл алынды. Дүйнө мамлекеттери үч түргө бөлүндү. Биринчи: христиан Батыш хазаратын кабыл алган мамлекеттер. Конференцияга катышкан Европа мамлекеттеринин бул мамекеттер алдындагы милдети аларды колдоп-кубаттоо экендиги белгиленди. Экинчи: христиан Батыш хазаратына кирбеген, бирок, Батыш менен алардын ортосунда эч

кандай хазарий кагылышуу болбогон мамлекеттер. Бул мамлекеттер алдындагы алардын милдети аларды токтотуп калуу о.э. аларды Европа мамлекеттерине жана алардын үстөмдүгүнө коркунуч туудурбай турган даражада колдоп-кубаттоо экендиги белгиленди. Үчүнчү тайпадагы мамлекеттерге келсек, алар христиан Батыш хазаратына кирбеген, алар менен Батыш ортосунда кагылышуу орун алган о.э. Батышка жана анын үстөмдүгүнө коркунуч туудурган мамлекеттер. Бул мамлекеттер алдындагы милдет аларды колдобостук, илим жана техникалык билимдерден куру калтыруу, эч бир тармакта колдоп-кубаттадоо о.э. Халифалык мамлекети кулатылгандан кийин (бул конференция Халифалык кулатылышынан дээрлик жыйырма жыл мурун өткөрүлгөн) алардын ортосунда болушу мүмкүн болгон ар кандай союздаштык багытына каршы күрөшүү экендиги белгиленди. Ушул себептен улам, саясий, экономикалык, маданий жана географиялык жактан толук бөлүнүүнү жүзөгө чыгаруу үчүн Фалестин яхудийлерге тапшырылгандан кийин бул жерде мусулмандарга душман мамлекетти тургузуу аркылуу мусулман өлкөлөрүнүн Азия бөлүгүн Африка бөлүгүнөн бөлүү сунушталды.

Европа мамлекеттери бул сунуштарды болуп көрбөгөн таризде ишке ашырууга жетишти. Бул мусулмандардын мамлекети кулагандан кийин аларды түздөн-түз колония кылуу, батыштыктардын мусулмандардын мамлекети кулатылгандан кийинки баскыч үчүн атайын даярдалган малайлар жардамында кыйыр түрдө колония кылууга өтүшү аркылуу ишке ашырылды.

Шексиз, кафир Батыштын мамлекет кыйрагандан кийинки айла-амалдарына жасалма эгемендүүлүктөр (улуттук мамлекеттер), реалисттик кыймылдар, Араб мамлекеттери Лигасы, Ислам Конференциясы Уюму, Бүткүл дүйнөлүк Ислам Лигасы, Хижаз жана Нажддагы Сауд үй-бүлөсүнүн башкаруусу жана башка сансыз алдоолорду айтуу мүмкүн.

Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин мусулмандардын мамлекети жок болуп турган учурда регионго Америка колонизаторлугу келип, ал да сансыз айла-амалдарды

жасады. Ал Ислам Умматын моюн сундуруу жана аны ар дайым оор абалында алтыруу үчүн ага каршы алып барган күрөштө ушул айла-амалдарга таянды. Ал эл аралык атаандаштары, айрыкча, Британия менен болгон күрөштө да ушул айла-амалдарга таянды. Британия мусулман өлкөлөрүндөгү жаңы колонизаторлукка каршы жашыруун күрөштө өз тарапкерлери жана малайлары аркылуу өзүнүн таасирин жана кызыкчылыктарын сактап калууга аракет кылат. Ал муну региондогу бардык каражаттары жана таасири, аксөөктүк, карамүртөздүк, тапкырлык жана айлакердик менен ишке ашырды. Ал Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин өзүнүн начарлыгы себептүү ачыктан-ачык каршылык көрсөтүүгө кудурети жетпей калган. Бирок, Хизб-ут-Тахрир болуп жаткан бардык окуялардан кабардар жана бүгүнкү күнгө чейин кабардар болуп келүүдө. Айтуу мүмкүн, Хизб АКШ келишинен мурун регионго өкүмдарлык кылышкан т.а. англистер, алардан кийин башка европалыктар, француздар, италиялыктар жана башкалар ортосундагы жашыруун күрөштү көрө билүүдө теңи жок. Ошол европалыктар өлкөлөрүбүздө иштерибизди биздин пайдабызга эмес, алардын пайдасына чечүүдө кулатылган Халифалык ордун ээлеп алышкан. Шексиз, америкалыктар менен англистер ортосундагы бул жашыруун кагылышуу көпчүлүк мусулман өлкөлөрүндө кызыкчылыктар үстүндө күрөш жүрүп жатканынан кабар берет. Алар бул күрөштө кол астындагы каражаттар, малайлары жана жолдоочулары, акимдер, армия, партиялар жана уюмдардын жетекчилери, аалымдар, изилдөө борборлору, гезит-журналдар жана спутникалык каналдардан пайдаланышат. Мусулман өлкөлөрүндө жүргүзүлүп жаткан бул кызыкчылык талашуу кагылышууларында мусулмандардын мал-мүлктөрү, ар-намыстары жана каны чет мамлекеттердин кызматында бекер ысырап болуп жатат. Бүгүн Яман, Ирак, Судан, Ливия жана Булуң региондорундагы мындай кагылышууларда болуп жаткандай. Британия бул региондордо алсырап, сынган. Ал ошондон тартып бүгүнкү күнгө чейин өзүнүн мурунку кубатын жана текебердигин кайтарууга ыңгайлуу учурду күтүп жатат.

Ушул күндөрдө АКШ саясий ыкма жана алдоолордо акыры көрүнбөгөн айла-амалдарга таянып жатат. Анын бул айла-амалдары мусулман өлкөлөрүндөгү таасиринин жемирилиши менен гана бүтөт, Аллахтын урухсаты менен, анын бүтүшү жакын! Мисалы, Бириккен Улуттар Уюму – бул алдоо. Негизинен залим жана текебер күчтөрдү, биринчи кезекте Американы, кийин Европаны айгинелеген «эл аралык коомчулук» идеясы да алдоо болуп эсептелет. Түпкүлүгүндө бул Батыштын адамзатка, өзгөчө, Ислам жана мусулмандарга каршы чоң фитнасы. «Терроризмге каршы күрөшүү» фикири, Американын бир нече он жылдардан бери Сирия режимине о.э. Тегерандагы молдолор режимине «душмандыгы», «Сирия калкыны достору» фикири, Сирия жана Ирак күрддөрүнө берген убадалары – алдоо жана жалгандар. О.э. Эрдагандын өзү да, Сирияда ойногон ролу жана Түркиядагы карманган жолу, режими да, Мисирдеги Сисий жана андан мурункулардын режими да, Судандагы Башир башкаруусу да Американын алдоосу болуп эсептелет. Ушул күндөрдө залим акимдер жана саткын малайлар аркылуу мусулман өлкөлөрүндө Американын долбоорлоруна кызмат кылуу үчүн мусулмандар ортосунда бөлүнүүнү жаюуга каратылган жийиркеничтүү мазхабчылык да Американын эң маанилүү ыкма жана айла-амаладарынын бири болот.

Ушул орунда бири-бирибизге «качанга чейин мусулмандар Батыштын айла-амалдарына алданышат?!» деген суроону берүүбүздүн убагы келбедиби?! Батыштыктардын кылмыштары мусулмандардын көз алдында болуп жатканда ар дайым мусулмандар арасынан Батышты колдоочуларды жана бул өлкөлөрдөгү пландарын Умматтын эсебинен ишке ашыруучулар табышынын сыры эмнеде?! Аллах Таала айтат:

﴿۞يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ لَا تَتَّخِذُواْ ٱلۡيَهُودَ وَٱلنَّصَٰرَىٰٓ أَوۡلِيَآءَۘ بَعۡضُهُمۡ أَوۡلِيَآءُ بَعۡضٖۚ وَمَن يَتَوَلَّهُم مِّنكُمۡ فَإِنَّهُۥ مِنۡهُمۡۗ إِنَّ ٱللَّهَ لَا يَهۡدِي ٱلۡقَوۡمَ ٱلظَّٰلِمِينَ﴾

***«Эй, момундар, яхудийлерди жана насронийлерди дос тутпагыла! Алардын айрымдары айрымдарына дос. Силерден ким аларга дос болсо, анда, ал ошолордон. Албетте, Аллах залим коумду хидаят кылбайт»*** [5:51]

﴿إِنَّمَا يَنۡهَىٰكُمُ ٱللَّهُ عَنِ ٱلَّذِينَ قَٰتَلُوكُمۡ فِي ٱلدِّينِ وَأَخۡرَجُوكُم مِّن دِيَٰرِكُمۡ وَظَٰهَرُواْ عَلَىٰٓ إِخۡرَاجِكُمۡ أَن تَوَلَّوۡهُمۡۚ وَمَن يَتَوَلَّهُمۡ فَأُوْلَٰٓئِكَ هُمُ ٱلظَّٰلِمُونَ﴾

***«Аллах силерди жалгыз диниңер туурасында силер менен урушкан, силерди өз журттарыңардан кууп чыгарган жана силерди кууп чыгарууда бири-бирине жардамдашкан кимселерден – алар менен достошууңардан кайтарат. Кимде-ким алар менен достошсо, мына ошолор залим кимселердин өзү»*** [60:9]

Британия, Америка, Франция, Падышалык Россия, Советтер Союзу жана постсоветтик Россия, яхудий мамлекети, ал тургай, Кытай, Индия жана башка мамлекеттер мусулмандарга жана башкаларга үрөй учурган, акылга сыйбаган кылмыштарды жасашты. Алар ондогон жылдардан бери Ислам Умматына жана мусулман өлкөлөрүнө каршы жасап келе жаткан кылмыштары, мусулмандарды бөлүп талкалап, көчүрүү, кыргын жана куугунтуктоо сыяктуу иштери акылы жана көзү бар кишилер үчүн сыр эмес.

Шексиз, бул суроонун жообу мусулмандардын чеби т.а. Халифалык мамлекетинин жоктугунда. Шексиз, динден жана Ислам мабдасынан алысташуу себептүү Умматта пайда болгон саясий аң-сезимсиздик анын кыйрап, кулашына алып келди. Ушул жийиркеничтүү кылмыштардын чоң үлүшү Британия жана Европа мамлекеттерине тиешелүү. Хизб-ут-Тахрир Уммат үчүн Халифалыктын күчтүү жана таасирдүү болуп кайра тикеленишинен башка нажат жоктугун түшүнүп, түзүлгөн күндөн баштап бүгүнкү күнгө чейин Халифалыкты кайра тикелөөгө катъий аракет кылып келди. Хизб колонизатор Батыш жана анын мекемелери о.э. малай режимдер тарабынан фикирий, саясий жана коопсуздук жагынан каршылыкка учурашы табигый эле. Хизбге каршылык кылуу аны бардык платформалардан (айрыкча, маалымат каражаттарынан) тосууга эле чектелип калбады, бардык Ислам өлкөлөрүндөгү жана башка жайлардагы бардык платформаларга ал жөнүндө сүйлөөгө тыюу салынды. Өтө сейрек абалдарды эсепке албаганда, анын атын тилге албоого буюрулду.

Биз, мусулмандар, Халифалык кулагандан кийин Батыштын дагы бир айла-амалына алдандык, бул айла-амал мурун айтылып өткөндөрүнөн да күчтүү. Бул айла-амал: «Эгемен мамлекеттерибиздеги акимдер өзүбүздөн. Батыш аларды азгырып, өзүнүн кызыкчылыктары үчүн гана өзүнө оодуруп алган жана алар өз эли эсебинен анын кызыкчылыктарына кызмат кылып калышкан. Умматтын бакубатчылыгы жана иштеринин тартипке келиши ошол акимдердин жолго түшүшүнө байланыштуу. Нажат аларга моюн сунууда, т.а. аларга шерик болууда жана аларды четке какпоодо. Себеби муну менен жан аман калат, өлкөнүн коопсуздугу жана мекендин туруктуулугу камсыздалат. Мындан улам аларга каршы чыгып, бийликтен кулатуу жөнүндө айтпаса да болот».

Үрөй учурган чындык ушул – бул өкүмдарлардын бардыгын башынан эле колонизатор кафир Батыш пайда кылды, өстүрдү жана аларды ушул ролдор т.а. исламий калктарды башкаруу үчүн даярдады. Бул үчүн бул калктарды улуттук режимдер капасына т.а. мусулмандар үчүн шаръий андан башка мамлекет болбошу керек болгон Халифалык урандылары үстүндө тургузулган көз каранды мамлекеттер капасына салды. Умматтын ачуу акыйкаты жана анын адаттан тыш, оор абалы жөнүндөгү бул түшүнүк жөнүндө Хизб-ут-Тахрир айтып келүүдө о.э. бул түшүнүктөн келип чыккан талаптарды аткарууга аракет кылууда. Т.а. зарыл болгон иштер жана ондогон жылдардан бери Ислам Умматында талап кылынып жаткан өзгөрүүлөр жөнүндө айтып келүүдө. Хизб билет, малай акимдер жөнүндө жогоруда айтылган алдоолор ошол малайлардын куурчагы болгон жалданма уламаларга да кудум ушундай даражада тиешелүү. Бул жалданма уламалар ээлеген мансабы т.а. аларга жүктөлгөн ролдорду аткарууда ошол акимдерге көз каранды. Камакка алынган Уммат ондогон жылдар бул өкүмдарлар жана алардын жолдоочуларынын камкордугу астында бардык даражадагы үрөй учурган кыйроо жана өтө кооптуу шарттарды башынан өткөрүп жатканы таң калычтуу эмес.

Алар ушул жол менен Батышка кызмат кылышууда. Алар фикир туйгусу менен Уммат душмандары сабында,

жашыруун жана ашкере кыянат жолуна барып кафир мамлекеттерге кызмат кылышууда. Алардын Батыштагы кожоюндары менен жакын алакада экендиктерин эсепкеп алганда, аларды малайлыктан жана кафирге моюн сунуудан баш тартууга о.э. тезинен Ислам менен өкүм жүргүзүп, шариятты колдонууга мажбурлоо мүмкүн эмес. Шаръий түрдө аларды мажбурий кулатуудан башка чара жок. Бул болсо, алардын ордуна динди тикелөөчү кишилерди орнотуу максатында мусулмандар Аллах Тааланын буйругуна жооп катары саясий жактан Расулуллах ﷺдын тарыйкаты негизинде уюшуу аркылуу ишке ашат. Бул Уммат аркылуу, душман сабындагы эмес, мусулман армияларынын сабындагы күч-кубат ээлери болгон баатырлардын нусрат бериши аркылуу ишке ашат. Бизге биримдигибиз, күч-кубатыбыз жана азиздигибиздин негизи болгон динибиз менен өкүм жүргүзө турган кишини – мусулмандардын халифасын тикелөө үчүн армиябыздын сабындагы күч-кубат ээлери болгон жигиттерибиз нусрат колун сунушу менен ишке ашат.

Алар ушул таризде душмандар менен тил бириктирип, Ислам жана мусулмандардын душманына кызмат кылышат, Ислам Умматы үчүн алардан жакшылык күтүү туурабы?! Акыйкатта болсо, алардын бардыгы кафир Батыштын садык малайлары болуп эсептелет.

Бирок, булардын бардыгы мусулман өлкөлөрүндөгү өкүмдарлар тарабынан жасалып жаткан болсо да, ал тургай, учурда аскерлер көпчүлүк мусулман өлкөлөрүндөгү режимдерди коргоо ролун аткарып жаткан болсо да, бул Уммат армиялары сабындагы уландардын бизден эместигин түшүндүрбөйт. Себеби, алар түпкүлүгүндө Батышка байланган залим жана малай өкүмдарларга садакат көрсөтүүдө фикирий жана саясий жактан алданышкан. Ошондуктан, алардын компасынын багытын оңдоо керек. Мунун баяны төмөндөгүдөй:

Акыйкатты батылга, батылды акыйкатка айлантуучу туура эмес реализмдин акыбеттеринин бири ушул – реалисттер Расулуллах ﷺдын мамлекет тикелөө тууралуусындагы тарыйкатына т.а. шаръий өкүмгө баш ийген исламий кыймыл жана хизбдерди четке кагышат. Алар бул

кыймыл жана хизбдердин аскерий канаты жок деп айыпташат.

Түпкүлүгүндө, бул реалисттик кыймылдардын көпчүлүгү колонизатор кафир мусулман өлкөлөрүнө Халифалыктын кайтышына жол бербөө үчүн койгон бардык тузактарына түшүштү. Согушуу мамлекетти тикелөөнүн жолу катары кабыл алынышы мына ушул тузактардын бири. Себеби, бул көпчүлүк абалдарда мусулман өлкөлөрүндөгү аскерлерге каршылык көрсөтүү жана армиялар менен кагылышуудан башка нерсени түшүндүрбөйт. Дагы бул тузактардын бири – алардан эң көзгө көрүнгөнү – алар малай режимдердин тузагына түшүштү. Себеби, алар (т.а. режимдер) улуу жихад фарзын – жада калса, ал мусулман өлкөлөрүн кафирлердин коркунучунан коргоо болсо да – аткарууну мойнуна алышпайт. Эми согушуу же ага байланыштуу бирер иш өкүмдарларга, ал тургай, бүгүнкү күндө ушул мамлекеттердеги мусулман армияларынын командачыларына жүктөлбөйт. Шексиз, бул үрөй учурган жаңылыштык! Бул аларды өз милдетинен азат кылууга, аскерлери мусулмандардан турган туруктуу армиялардын ордуна куралдуу канат жана батальондорду түзүүгө окшойт.

Муну менен бул реалисттик кыймылдар мусулман өлкөлөрүнүн бардык жайында колонизаторлор каалаган ачуу вакиъликти орнотту. Бул ачуу вакиълик бүгүнкү күндө мусулман коомдордогу согуштук күч булагы болгон армиялар жөнүндө: «Алар бизден эмес, тескерисинче, Батыштагы душмандарга байланган өкүмдарлардын достору. Ошондуктан, алардан эч нерсе күтүлбөйт. Алардын милдети – малай режимдерди мусулмандардын каарынан коргоо о.э. Умматтын чыныгы душманы болгон кафир Батыш менен болгон күрөштө кандайдыр бир карама-каршылык жүз берсе, мусулмандарды кыргын кылуу, канын төгүп, жанын алуу менен болсо да алардын кулашына жол бербөө. Бул нерсе мусулман өлкөлөрүндө ондогон жылдар бир нече ирет болду» деген фикирди берет. Мындай түшүнүккө ылайык, бул армиялар башка тарапта.

Түпкүлүгүндө, андай эмес. Себеби, армиялардагы бардык аскерлер Умматтын бардык уландары сыяктуу мусулмандар. Бирок, алардын ыйман чогун жалындатуу фикир жана саясат менен Умматты ойготуу үчүн аракет кылып жаткандардын мойнунда. Мисалы, улутчулдук жана мекенчилдик сыяктуу жат идеяларга сокку берүү аркылуу башка мусулмандар арасында Ислам кайратын ойготууга аракет кылынгандай, Исламга негизделген саясий аң-сезимди жаюу аркылуу аларда да Ислам кайратын ойготууга аракет кылынышы керек. Себеби, Умматтын проблемасы фикирий жана саясий. Армиялар колонизаторлор тургузган улуттук мамлекеттердеги кафирлерге садык жана малай өкүмдарлардын режимдерин коргоо үчүн эмес, акыйкатты жана өздөрү таандык болгон мусулман калктарды колдоп-кубаттоого аракетке келүүгө чакырылышы зарыл. Бүгүн алдыбызда мусулман коомдорундагы күчтөрдүн тең салмактуулугун Ислам мамлекетин тикелөө тарапка өзгөртүү милдети турат. Анткени, түп-тамырынан өзгөрүүнү жана Умматтын азаттыгын кепилдеген мамлекет – бул пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык мамлекети. Түпкүлүгүндө, бул Батыш коркуп жаткан нерседен да коркунучтуу. Көз ирмебей, тыным билбей иштеп жаткан жабдуулары аркылуу анын жүз беришинен сактанып жаткан эң коркунучтуу нерсе да Батыш үчүн мына ушул. ❑

# ГАЗА: ЯХУДИЙЧЕ СОГУШ ЖАНА УЛУУ ЯХУДИЙ МАМЛЕКЕТИ АРЗУУСУ

**Доктор Мухаммад Жийланий**

Газада, Рафахта жана Түндүк Фалестинде яхудий вужуду алып барып жаткан согуш Хамас 2023-жылы 7-октябрда баштаган «Акса ташкыны» амалиятына жооп жана өч алуу экенине эч ким ишенбейт. Согуштун башында яхудий вужудуна адамдар тилектештик билдиргенине карабастан кийинчерээк мамлекеттер, мекемелер, профсоюздар, университеттер жана жеке адамдардан турган эл аралык коомчулук яхудий вужудун геноцид жасоодо деп айыптай баштады. Жаш балдар, аялдар жана кары-картаңдарды кыргын кылуу жана өлтүрүү, мектеп, оорукана жана мечиттерди ойрон кылуу сыяктуу согуш кылмыштарды жасаганы үчүн яхудийлер караланды. Яхудийлердин бул иш-аракеттери жана кылмыштары «Акса ташкыны» операциясы үчүн өч алуу болушу мүмкүн эмес. Ошондуктан, душмандын премьер-министри аскерий кылмышкер катары караланды. Ал фашист Гитлерге жана серб Милошовичке окшотулду. Яхудий вужуду бүгүнкү күнгө чейин кылмыштуу согушту токтотуу аракеттерин четке кагууда жана мындай аракеттерден өзүн алып качууда. Бул ырайымсыз согуш жана ыплас кылмыштын түпкү себептери кандай? Күтүлүп жаткан натыйжалар кандай?

## 1 – **Фалестинде яхудий вужудун пайда кылуу түрткүлөрү жана себептери**

Фалестинде яхудий вужудун түзүү Британия тышкы иштер министри Балфур декларациясына барып такалат. Декларациянын текстинде сионисттик яхудий кыймылына Фалестинде Фалестин калкы менен жанаша жашаган улуттук мекен берүү маселеси айтылган жана Фалестин калкынын түпкү жарандарына эч кандай кемсинтүү болбошу шарт кылынган. Улуттар Лигасы Балфур резолюциясын кабыл алып, өкүл мамлекет яхудийлердин Фалестинге көчүүсүн жеңилдетүүнү Британияга сунуштады. Британия яхудийлерди көчүүгө шыктандырууга, көчүү жана Фалестинде жайгашууну жеңилдетүүнү максат кылды. Ал Фалестин өкмөтү чыгарган документтерге ибраний тилди да кошту. Ошентип, яхудийлерди Фалестинге көчүүгө үндөө үчүн Экинчи

дүйнөлүк согуш ишке салынды жана европалык яхудийлер арасында аларды кыргын кылуу туурасында дүрбөлөңдөр таратылды. Бул Британия каалаган, яхудийлер менен фалестиндиктерди өз ичине алган, сионисттик кыймылга саясий жетекчиликти берген мамлекеттин пайдубалы эле. Яхудий вужудун расмий түрдө түзүп, БУУга сунуштоодон мурун Америка бул маселенин Ак китеп деп аталган башка бир чечимин сунуштады. Бул чечим БУУнун 181-резолюциясын камтып, ага ылайык Фалестинде "эки мамлекет" түзүлөт. Бири яхудийлерге тиешелүү болуп, ал Фалестин жеринин 42 %ын ээлейт, экинчиси фалестиндиктерге тиешелүү болуп, 56 % жер аянтын ээлейт. Калган 2 % жер эл аралык майдан эсептелип, ал жерлерге Куддус жана Байт Лахм кирет. Яхудийлер жана сионисттик кыймылдар бул резолюцияны болочок мамлекеттеринин биринчи баскычы катары кабыл алышса, арабдар, Араб мамлекеттеринин лигасы аны четке кагышты. Арабдардын бул резолюцияны четке кагышынын негизги себеби алар биринчи долбоордун ээси Британияга көз каранды болгондугу. Себеби, Британия Америка долбоорунан регионундагы өзүнүн кызыкчылыктарына жана таасирине коркунучту көрдү.

### 2 – Биринчи көчүрүү

Фалестиндеги баскынчылык, Британия жана ага көз каранды мамлекеттер т.а. Мисир, Иордания жана Фалестин тарабынан уюштурулган фитна аркылуу (израиль) деп аталган жаңы вужуд түзүлдү. О.э. буга (израиль) мамлекетин түзүү жөнүндөгү БУУнун резолюциясы да себеп болду. Чоң мамлекеттер жана БУУ бул жаңы вужудду тааныды. Бул вужуд Газа жана Иордан дарыясынын батыш жээгинен тышкары Фалестин жерлеринин чоң бөлүгүн ээледи. Газа болсо идарий жактан Мисирге кошулду. Ошол убакта король Фарук өкүмдарлык кылган Мисир Британиянын таасири астында болгон. Иордан дарыясынын батыш жээги Британия баскынчылыгына жана таасирине моюн сунган, Хашимий Иордания мамлекети деп аталган Чыгыш Иорданияга кошулган. Яхудий вужуду 750 000ден ашуун фалестиндикти Батыш Жээк, Газа, Ливан, Сирия жана Иорданияга көчүрүүнү максат кылды. Ошондо яхудийлер басып алынган Фалестинде

көпчүлүк калкты түзүшөт. 1948-жылы көчүрүлгөндөргө «качкындар» макамы берилди. Качкындар лагерлерине көчүрүлгөндөрдүн иштери менен алектенүү атайын «Качкындарга жардам берүү агенттиги» түзүлдү. Яхудийлер башынан эле Фалестиндеги калктын курамы жакынкы убактарда фалестиндиктердин пайдасына өзгөрүшүн, күчтүү божомолго ылайык 2050-жылга барып фалестиндиктердин саны яхудий калкынын жарымынан ашышын түшүнүп жетишкен. Ушул кеңири көлөмдөгү тез өзгөрүү яхудийлердин тынчын бузган, аларды ар дайым коркууга салып келген. Газа согушу учурунда алардын жетекчилери муну ачык моюнга алышты: «Албетте биз алып барып жаткан бул согуш өмүр же өлүм маселеси, бул согуш бизди бар же жок кылат».

**3 – Экинчи көчүрүү**

1967-жылы яхудий вужуду Фалестиндин калган жерин т.а. Газа жана Батыш Жээкти да басып алды. Акыбетте экинчи көчүрүү болду. Батыш Жээк жана Газадан 250 миңден ашуун киши көчүрүлдү. Алардын арасында 1948-жылдагы качкындар да бар эле. 1967-жылдын июнь айындагы согуштан кийин көчүрүлгөндөр 1948-жылдагы качкындардан айырмаланып турушу үчүн аларга «эмигрант» аты берилди. "Эмиграннттардын" көпчүлүк бөлүгү Иорданияга көчүрүлдү. 1993-жылдагы Осло келишиминен кийин Батыш Жээк жана Газа секторунун башкаруусу расмий түрдө Фалестин администрациясына тапшырылды. Бул региондордо баскынчылардын армиясы туруктуу же убактылуу болушуна карабастан бул региондор жалпысынан баскынчынын өкүмдарлыгына моюн сунат. Кийинчерээк Хамас кыймылы Газада өткөрүлгөн шайлоо натыйжасына ылайык бийликке келди жана бул нерсе Газада Хамастын таасирге ээ болушун камсыздады. 2014-жылы баскынчы яхудий өз кошуундарын Газа секторунан бир тараптуу, эч кандай келишимсиз алып чыгуу жөнүндө токтом кабыл алды. Максат – ал жерде кошууну болбосо да, расмий жана амалий жактан сектордун баскынчысы бойдон калуу.

Баскынчылар Батыш Жээкте 700 миңден ашуун яхудийлер жайгаштырылган жарым жартылай туруктуу турак-жайларды курушту. Бул турак-жайлар Батыш Жээктеги Фалестин администрациясына моюн сунбады. Ошентип, яхудий вужуду

Фалестин калкын өз жеринен эки ирет көчүрдү. Учурда Фалестин жеринен тышкарыга көчүрүлгөн фалестиндиктердин саны 3 миллиондон ашат. Батыш Жээктеги Фалестин калкынын мүлктөрүн зордук менен тартып алуу, ал жерлерде турак-жайларды куруу натыйжасында Батыш Жээкке караштуу 20 %дан аз эле жер аянты калды.

Яхудий вужуду Фалестин жерин деңизден дарыяга чейин толук (израиль) мамлекети деп эсептейт. Жергиликтүү жана саясий шарттар, өзгөчө, региондо таасир үчүн алып барылган Британия-Америка күрөшү Фалестин жеринде жарым жартылай болсо да, фалестиндиктердин вужуду болушун талап кылды. Ошондуктан, бардык фалестиндиктерди жапырт көчүрүү болгон жок.

**4 – Үчүнчү көчүрүү**

Учурда фалестиндиктерди үчүнчү жолу көчүрүү жөнүндөгү сөз кайрадан айтыла баштады. Ага ылайык, Фалестинде калгандардын чоң бөлүгү – 1948-жылы басып алынган аймактарда болобу же 1967-жылы басып алынган аймактардабы – көчүрүлүшү камтылган. Яхудий вужуду бүткүл Фалестин жеринде өз мамлекетин тикелөө жана калган фалестиндиктерди да жеринен чыгаруу үчүн аракет кылууну токтотпойт. 2022-жылы 7-октябрда «Гаарец» гезити «2023-Накба сценарийи: эки күндө 200 миң арабды (израилден) кууп чыгаруу» деген макала жарыялады. Макалада айтылгандай: «Ликуд жетекчилери жана яхудий кошуундары (израиль) арабдарын көчүрүү туурасындагы пландарын жашырышпайт». Бен Гвир «(израиль) жеринен (израиль) душмандарын чыгаруу» менен алектенген «көчүрүүнү колдоо улуттук комитетин» түзүүгө убада берди. Доктор Майкл бен Ари «яхудийлер союлганда үйдүн үстүндө бийге түшкөн Уммул Фахм арабдарын көчүрүүгө аракет кылышын жарыялады». «Гаарец» гезити көчүрүү операциясынын планын жарыялады. Ага ылайык, коргоо күчтөрүндө эки күндө 200 миңден ашык кишини көчүрүү механизми бар. Операция Сирия жана Ливанда согуш чыгаруудан башталат. Натыйжада, (израиль) Хизбуллах тарабынан ракета жана учкучсуз учактардын чабуулдарына дуушар болот. Яхудий армиясы аракеттенип, араб

**«Эгер Умматым залимден коркуп, ага «Албетте сен залимсиң» дей албай жатканын көрсөңөр, Аллах аларды** (жардамсыз) **калтырат».** Ахмад риваяты. ❑

# АНТИСЕМИТИЗМ ЖАНА АНЫН ФАЛЕСТИН МАСЕЛЕСИНЕ БАЙЛАНЫШЫ (2)

**Юсуф Сарисий**
**Мубарак Фалестин жери**

## 1 – Антисемитизмге каршы мыйзамдар

Экинчи дүйнөлүк согуштан мурун яхудийлерге душмандык жана антисемитизмге каршы эл аралык мыйзамдар жок эле. Бирок, согуш бүтүп, холокост жана яхудийлерге карата нацисттердин геноциди ачыкталган соң, мамлекеттер тарабынан антисемитизмге, диний жана этникалык кемсинтүүлөргө каршы күрөшүү о.э. алардын кайталанбашын камсыздоо боюнча чаралар көрүлө баштады.

1945-жылда согуш бүткөн кийин Германиянын Нюрнберг шаарында нацисттер аткаминерлерин жасаган кылмыштары, холокост үчүн кылмыш жообуна тартуу боюнча эл аралык аскерий трибунал түзүлдү. О.э. эл аралык кылмыш соту жараяндарынын укуктук негиздери белгиленди. Бул болсо геноцид жана адамзатка каршы кылмыштардын укуктук түшүнүгү калыптанышына салым кошту.

Андан кийинки жылдарда мамлекеттер антисемитизмге каршы күрөшүү, диний же этникалык кастыкты үгүттөөгө жаза-чараларды колдонуу жана антисемитизмден коргоону күчөтүү боюнча мыйзамдарды кабыл кыла баштады. БУУ кемсинтүү жана кастык козутуу коркунучунан эскертүүгө өз салымын кошту. Ал бул көрүнүшкө каршы күрөшүү үчүн натыйжалуу чара көрүүнү, холокост кылмыштары кайталанышына жол бербөөнү жана адам укуктарын коргоо үчүн эл аралык масштабда аракет кылууну талап кылды.

Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин антисемитизмге жана адам укуктарын коргоо жөнүндө бир нече эл аралык резолюциялар кабыл алынды. Мисалы:

1. 96-резолюция (1946-жыл): БУУнун Башкы Ассамблеясы нацисттер жасаган согуш кылмыштары жана геноцид артынан Эл аралык кылмыш сотунун мыйзам долбоорун үйрөнүү жана даярдоо боюнча комитет негиздеген бул резолюцияны өзүнүн биринчи сессиясында кабыл алды.
2. 181-резолюция (1947-жыл): Британиянын Фалестиндеги мандаты бүтөрдөн бир аз мурун Фалестинди яхудий жана араб мамлекетине бөлүүнү колдогон бул

резолюция Башкы Ассамблея тарабынан чыгарылды. Бул резолюция антисемитизмге түздөн-түз байланыштуу болбосо да, Фалестинде яхудийлер үчүн улуттук мекен болушун моюнга алууда анын таасири маанилүү болду.

3. 260-резолюция (1948-жыл): бул резолюцияда Башкы Ассамблея «геноцид кылмышынын» аныктамасын жарыялады. Бул адамзатка каршы кылмыштардын аныктамасын кеңейтүүдө маанилүү кадам болуп эсептелет.

4. 60/7-резолюция (2005-жыл): Башкы Ассамблея чыгарган бул резолюцияда 27-январды холокостту эскерүү күнү деп белгиленди. О.э. резолюцияда текчилдик, кастыкты козутуу, диний жана этникалык кемсинтүүнүн бардык түрлөрүнө каршы күрөшүү баса белгиленди.

### 2 – Холокостту четке каккандарды жазалоо

Холокосттун натыйжасында кабыл алынган мыйзамдарда эч ким холокостту четке кагууга, аны же анда өлтүрүлгөндөрдүн санын күмөн астына коюуга акылуу эместиги белгиленди. Бир катар мамлекеттер холокостту четке кагуу жазага ылайык кылмыш деп эсептешти. Алар бул үчүн «тарыхий фактыларды коргоо», «бул окуялар XX кылымда жүз берген кырсыктуу тарыхтын бир бөлүгү», «диний жана этникалык чыр-чатактарды козгоочуларга каршы туруп, социалдык тынчтык жана туруктуулукту сактоо зарыл», «холокосттун курмандарын жана алардын үй-бүлөлөрүн моюнга алуу аркылуу адамдын намысын коргоо керек» деген шылтоолорду айтышты.

Холокостту четке кагууну кылмыш деп эсептеген бир катар мамлекеттерде бул тарыхий окуяны четке каккандар соттолушту. Мамлекеттердин холокостту четке кагуу боюнча кабыл алган мыйзамдары бири-биринен айырмаланат. Мисалы, Канада сыяктуу мамлекеттерде холокостту четке кагуу кемсинтүүнү жана кастыкты козгоону үгүттөө болуп эсептелет. Германия, Франция, Австрия, Польша жана Норвегия сыяктуу мамлекеттер муну кылмыш деп эсептейт. Антисемитизм жана холокостту четке кагуу жөнүндөгү мыйзамдар көздөлгөн максаттарынан ашып өттү. Бул мыйзамдар Америка жана Европа мамлекеттери яхудийлерди жөн гана сындаган же аларга каршы чыккандарды сабалаган таякка айланды. Яхудий мамлекети түзүлгөндөн кийин ушул

калканын астына киргизилди. Ошентип, яхудий вужудун сындоо да антисемиттик иш-аракет катары каралып, мыйзам менен жазалана турган кылмышка айланды. Мисалы, Америкада яхудий вужудунун байрагын өрттөө кылмыш болуп эсептелет, ал эми Американын байрагын өрттөөгө жаза белгиленбеген.

**3 – Холокосттун Фалестинде яхудий вужуду тикеленишине таасири**

Фалестинде яхудий мамлекетинин тикеленишинде холокост жана антисемитизм мыйзамдарынын таасири күчтүү болду. Бир тараптан, холокост яхудийлерди жана сионисттик кыймылды коопсуз улуттук мекен тикелөөгө үндөгөн күчтүү түрткү болгон болсо, башка тараптан, яхудий мамлекетин тикелөө идеясын жактаган эл аралык колдоо күчөдү. Окуялар коомдук фикирге күчтүү таасир көрсөттү жана яхудийлердин улуттук мамлекетке ээ болуу укугун колдоп-кубаттоо күчөдү. БУУ 1947-жылы Фалестинди бөлүү жөнүндө резолюция кабыл алгандыгы мунун эң маанилүү натыйжаларынын бири болду. Бул токтом яхудий мамлекетинин тикеленишине эшик ачты.

Британия 1917-жылы Фалестинди басып алгандан кийин Бальфур декларациясын кабыл алды жана яхудийлердин Фалестинге көчүшүнө урухсат берди. Ошол кезде яхудийлер качкындарга толгон кемелерде Фалестин жээгине барган мыйзамсыз миграциясы да болду. Бирок, «Хагана» тобу сыяктуу кээ бир куралдаган яхудий топтору 1930-жылдары яхудийлердин миграциясына жол ачуу максатында Британия күчтөрүнө каршы операцияларды өткөрдү. Экинчи дүйнөлүк согуш бүткөндөн кийин көптөгөн яхудийлер, холокосттон аман калгандар Фалестинге көчүп өтүштү. Миграцияга коюлган чектөөлөр бекер кылынышы жана эгемендикке жетишүү максатында Британияга басымды күчөтүү үчүн яхудийлердин Британия күчтөрүнө каршы чабуулдары күчөдү. 1948-жылы 15-майда Британия мандаты бүткөнүн жарыялашынан бир күн мурун Девид Бен Гурион (израиль) мамлекети тикеленгенин жарыялады.

Ошентип, (израиль) мамлекетинин тикеленишин биринчи кезекте Британия, Америка жана эл аралык күчтөрдүн каалоосунун натыйжасы о.э. сионисттик кыймылдын иш-

аракети, антисемитизм жана холокосттун коомдук фикирге тийгизген таасиринин акыбети деп эсептөө мүмкүн.

Ислам Умматы жана Фалестин калкынын чыныгы душманы – бул Европа жана Америка. Яхудий вужуду Европанын продукциясы болуп, аны жасалма түрдө пайда кылган, коргогон, ар бир баскычта колдоп-кубаттаган, дагы эле колдоп-кубаттап жатат. Алар яхудий вужудун пайда кылуудан эки максатты көздөшкөн: биринчиси, ачык-айкын көрүнүп турган максат болуп, бул кылымдар бою келе жаткан Европадагы яхудий проблемасынан кутулуу. Экинчиси, жашыруун максат болуп, мусулман өлкөлөрүн бөлүп турган жат вужудду орнотуп, мусулмандарды аны менен алек кылуу жана аларды бытыранды абалда кармап, башка душман аркылуу чыныгы душманынан алыстатуу. Бул нерсе мусулмандардын ойгонушуна жана биригишине тоскоолдук болуп, аларды начар абалда калтырат, ошентип, мусулмандарды Халифалыкты кайра тикелөөдөн чалгытат жана тоскоолдук кылат.

**4 – Яхудий мамлекетине чабуул кылгандарга каршы антисемитизмден шылтоо катары пайдалануу**

Яхудий вужуду Европа жана Американын жардамы менен түзүлүп, 1948-жылы Фалестин жеринин болжол менен 78 %ын, 1967-жылы калган бөлүгүн басып алгандан кийин холокостко, антисемитизмге, тарыхий жана диний укукка таянып, өзүнүн түзүлүшүнүн мыйзамдуулугун жана кылмыштарын актоону улантууда. Ал ага душман болгондорду, аны сындагандарды же Фалестин калкына тилектеш позицияны кармангандарды антисемитизмде айыптоого аракет кылууда.

Алар өздөрүн коргоо жана яхудий вужудун сындоону же тескери позиция кармануусун алдын алуу үчүн антисемитизм менен яхудий вужудуна душмандыкты атайылап чаташтырышкан. Антисемитизм түшүнүгү менен яхудий вужудунун кылмыштуу саясатын жана иш-аракеттерин айырмалаган чегаранын жоктугу эл аралык коомдук фикирде атайылап чаташууларды келтирип чыгарды. Бул чаташтык Аллах Тааланын Куръанда яхудийлер жөнүндө:

﴿وَلِيَلْبِسُواْ عَلَيْهِمْ دِينَهُمْ﴾

***«диндерин чаташтыруу үчүн»*** [6:137]
деген сөзүнө окшойт. (израиль) Кытайды Газа согушуна карата позициясы үчүн антисемитизмде айыптаганы күлкүлүү. Себеби, Кытай антисемитизм маселесинен өтө алыс. Бул "антисемитизм" яхудийлердин аларды сындагандарга каршы укуругу.

Өз кезегинде, "N+1" онлайн адабий журналында яхудий жазуучулары антисемитизм менен (израиль) мамлекетин сындоону теңештирүүнү четке кагарын билдиришти. Алар баса белгилегендей, антисемитизм түшүнүгү азырга чейин «(израилди) жоопкерчиликтен коргоо, баскынчылыктын маңызын жашыруу жана Фалестин эгемендигин четке кагуу» үчүн колдонулган. Ушул түшүнүк бүгүнкү күндө «(израилдин) Газаны бомбалашын актоо жана эл аралык коомчулук арасындагы сындоолорду басуу» үчүн иштетилүүдө. («Ал-Жазира нет», 2023-жыл, 7-декабрь).

Биз муну Америка сыяктуу кээ бир мамлекеттердин иш-аракеттеринен да ачык-айкын көрөбүз. Мисалы, антисемитизмди күзөтүү жана ага каршы күрөшүү боюнча атайын өкүл Дебора Липштадт: «Америка АКШдагы, Кытайдагы жана бүткүл дүйнөдөгү антисемиттик көрүнүштөрдү жана риториканы каралайт», - деди. АКШ мамлекеттик департаментинин түшүндүрмөсүнө ылайык, антисемитизм (израилдин) мыйзамдуулугун моюнга алуудан баш тартууну, аны региондогу диний жана саясий кескиндиктер үчүн жоопкер деп билүүнү, яхудийлердин өз тагдырын өзү белгилөө укугун четке кагууну же аларга каршы чабуулдардын саны боюнча жарыяланган маалыматтарды күмөнгө алууну түшүндүрөт.

**5 – Холокост үчүн компенсация төлөөдө Европанын ой-фикири**

Европа өкүмдарларынын капиталисттик фикирлери жана жашоо туурасында Дарвинче көз карашы алардын тамырында текчилдик, этникалык үстөмдүк жана улутчулдукту киргизди. Себеби, текчилдик себептерине ылайык өз өлкөлөрүндө яхудийлерди өлтүргөндөр алар болуп эсептелет. Алар кийин Фалестинди курман кылуу аркылуу мусулмандарга каршы

чоңураак кылмышты жасап, курман болгон яхудийлер үчүн компенсация төлөштү.

Бул бузгунчу хазараттын жалган баалуулуктарын, зомбулугун жана уланып жаткан зулумун айгинелейт. «Фалестинге ээ болбогондор аны ага ылайык болбогондорго беришти» деген белгилүү сөз бар. Себеби, Батыш чыныгы кылмышкерди жазалап, жабыр тарткандарга компенсация төлөп, катасын жууштун ордуна ага таандык болбогон Фалестинди өзүнүн кылмыштары үчүн компенсация катары тапшырып курман кылды. Ошентип, анын кылмышы татаал жана эки тараптуу болду. Бул жалган хазарат ээлери тарабынан мындай нерсенин болушу таң калычтуу эмес. Прагматикалык өлчөөнү карманган Батышты чындык тынсыздантпайт, ал үчүн адилеттик эч кандай кыйматка ээ эмес жана ал кызыкчылыкты гана алдыга коёт. Ошондуктан, Батыш Фалестин калкынын өз жерине жана өлкөсүнө ээ болуу укугун этибарга албайт. Фалестинди яхудийлерге компенсация катары берүү Батышка зыян болбогон соң, эмнеге алар андай кылышпасын?!

**6 – Яхудийлердин Газадагы ырайымсыз иш-аракеттери жана анын холокостко байланышы**

Яхудий вужуду 2023-жылы 7-октябрдан кийинки Газа соугушунда өч алуу, массалык кыргын кылуу жана көчүрүү сыяктуу ырайымсыз иштерди жасады, дагы эле жасап келүүдө. Нацисттер ишке ашырган геноцидге окшогон мындай иш-аракеттерди адамдарга, айрыкча, мусулмандарга карата жасоо текчилдик, жек көрүү жана душмандыкка толгон оорулуу жүрөктөн гана келип чыгышы мүмкүн. Алардын бардык иш-аракеттери жийиркеничтүү текчилдик мүнөздү чагылдырат. Яхудийлер нацист душмандарын туурап жатканга окшойт. Мурун нацисттерден жабыр тарткан яхудийлер эми канкорго айланып, аларга караганда күчсүз болгондорго өкүмдарлык кылуу үчүн учурдан пайдалана башташты. Мисалы, алардын коргоо министри Газа калкын адам көрүнүшүндөгү айбандап деп сыфаттады. Нетаняху болсо өздөрүнүн өзгөртүлгөн китептеринен Амаликтерди т.а. Газа калкын геноцид кылуу зарылдыгы жөнүндө цитата келтирди. Бул цитатаны Газаны жок кылууга жана элин

Мисирге көчүрүүгө чакырып жаткан текчил оңчул саясий чөйрөлөр тынымсыз айтып келишет.

Бүткүл дүйнө геноцид жана текчилдикти көргөндөн кийин, яхудий вужудунун Газа калкын кыргын кылып жаткан геноцидин токтотуу үчүн Түштүк Африка Гаагадагы эл аралык сотко арыз менен кайрылды. Бул жагдай яхудий вужудун катуу ачуулантты жана ал өзүн коргоо үчүн сотко барууга мажбур болду. Яхудий вужудунун адвокаттарына 87 жаштагы холокосттон аман калган, теги литвалык Аарон Барак башчылык кылды. Ал мурун яхудий вужудунун жогоку сотунун төрагасы болгон. Муну менен яхудий вужуду ал нацизм холокостуна дуушар болгонун жана ушул холокосттун кайталанышына жол бербөө үчүн эл аралык мыйзам кабыл алынганын көрсөтүп коймокчу болду. Т.а. ал «Газага каршы иш-аракеттерди геноцид деп айыптоого кантип батынып жатасыңар, бул нерсени яхудийлерге жана (израилге) жөн гана айтуудан да уялышыңар керек» демекчи болду. Нетаняху 2024-жылы 11-январда мындай деди: «Биз террорчуларга жана жалганга каршы күрөшүп жатабыз. Биз бүгүн башаламан болгон дүйнөнү көрдүк. Себеби, (израиль) геноцидге каршы күрөшүп жаткан учурда геноцидди жасады деп айыпталды».

**7 – "Антисемитизм" термини боюнча биздин позициябыз**

Антисемитизм аталышы белгилүү бир аймакка т.а. Европага жана белгилүү бир датага т.а. XX кылымга таандык аталыш. Бул проблеманы Европа алкагынан тышкарыда түшүнүү мүмкүн эмес.

Текчилдик Европа тарыхынын жана капиталисттик Батыш хазаратынын натыйжасы. Антисемитизм накта Европанын продукциясы болуп, мусулмандардын, арабдардын жана башка калктардын ага байланышы жок. Арабдар жана мусулмандар жөнүндө сөз болгондо антисемитизм түшүнүгү эч кандай мааниге ээ эмес. Ал сөздөрдү арабдарга жана семиттерге каратылса – аларды антисемиттер деп түшүнүү мүмкүн болбогондуктан – бул белгисиздик жана чаташууну келтирип чыгарат. Себеби, алар түпкүлүгү семит калктары болуп эсептелет. Европа контекстиндеги семитизм бүткүл семит калктарына эмес, бир гана яхудийлерге карата

душмандыкты түшүндүрөт. Анткени, семиттер Европа тарыхынын бир бөлүгү эмес.

Ислам тек жана түскө карап кемсинтүүнү харам кылган. Арабдар араб болбогон ажамдардан үстөм эмес жана үстөмдүк бир гана таквалыкта. Исламда ахли китептерге карата башка кафир калктардан айырмаланган өзүнчө көз караш бар. Себеби, Ислам ахли китептердин тамактарын жегенге жана алардын аялдарына үйлөнүүгө урухсат берген. Мадинаи Мунавварада биринчи Ислам мамлекети тикеленгенден тартып бүгүнкү күнгө чейин яхудийлер Марокко, Мисир, Яман, Ирак, Сирия жана Фалестин сыяктуу мусулман өлкөлөрүндө зиммий жарандар катары жашап келишкен. Бул өлкөлөрдө яхудийлеге карата кыргын жана холокост проблемасы болбогон. Тескерисиче, мусулмандар Андалустан куулушканда яхудийлер алар менен биргеликте Мароккого жана Усманий мамлекет борборуна чектеш аймактарга барышкан. Өкүнүчтүүсү, яхудийлер Усманий мамлекетке каршы фитна уюштурушту жана Халифалыкты кулатууда эң маанилүү куралдардын бири болушту, айрыкча, дөнмө яхудийлери. Халифалыкты кулаткан Мустафа Кемал – Аллах аны наалаттасын – ушул дөнмө яхудийлеринен болот.

Ошон үчүн арабдар жана мусулмандар арасында антисемитизм түшүнүгү жок. Себеби, аларда яхудийлерге да жана башкаларга да карата текчилдик жок. Ошондуктан, бул яхудийлердин эч бири сионисттик кыймылды колдоп-кубаттабады. Ушул себептен улам, түпкүлүгүндө семит болгон араб же мусулманга, текчилдик жана улутчулдук көз карашынан келип чыгып, сен антисемитсиң деп айтуу мүмкүн эмес. Кантип адам өзүнө, өзүнүн тегине душман болсун?! Арабдарды антисемиттер деп айыптап жаткандар өздөрүнүн ачык карама-каршылыгын кантип көрбөй жатышат?!

Ошондуктан, мусулмандардын бул аталышка эч кандай тиешеси жок. Алар муну моюнга алышпайт жана аны менен алек болушпайт. Бул биздин хазаратыбызда жана тарыхыбызда эч кандай мааниге ээ эмес. Ал бизди кызыктырбайт жана бизге бирер жоопкерчиликти жүктөбөйт. Ал эми, Фалестин жерин басып алган бул вужудга карата позициябызга келсек, бул позиция биздин жерибизге келип, басып алган жана бизге каршы согушкан ар кандай кафирге

карата позициябыздан айырмаланбайт. Ошондуктан, ага каршы согушуу, мурун кресттүүлөрдү жана монгол-татарларды кууп чыкканыбыздай, аны да жерибизден кууп чыгышыбыз важиб. Ушул себептен улам, баскынчы вужудга карата позициябыздын антисемитизм түшүнүгүнө эч кандай тиешеси жок.

**Корутунду**

Яхудийлер Фалестин жеринде өздөрүнүн тарыхий жана диний укуктары бар экенин айтып келишет. Алардын тарыхий укук жөнүндөгү сөздөрүнүн бизге эч кандай мааниси жок. Себеби, Фалестин – корголушу керек болгон, Ислам дияры жана Ислам мамлекетинин бир бөлүгү болушу керек болгон исламий хиражий жер. Тарых эч кимге бирөөнүн мүлкү болгон жерге ээлик кылуу укугун бербейт. Себеби,тарых жерге ээ болуунун шаръий себептеринен эмес. Түпкү өкүмгө ылайык, жер өз ээсинин колунда калат жана ага ээлик кылуу укугу шаръий себеп менен гана бекер кылынат. Ким бирөнүн жерин басып алса, тарыхий укук же башка шылтоолор менен жерге акылуу боло албайт. Яхудийлер согуш, кыргын жана мажбурлоо аркылуу Фалестин жерин 1948-жылы ээлеринен тартып алышты. Бул болсо, алардын жерге ээ болуу укугун далилдебейт. Тескерисинче, алар кайдан келишкен болсо, ошол жайга чыгарылышы керек.

Ал эми, яхудийлердин Куддус жериндеги диний укугуна келсек, бул нерсе саййидибиз Муса عليه السلام доорунда, Аллах аларга ыйык жерге кирүүнү буюрганда болгон. Бирок, алар Муса عليه السلامга:

﴿فَٱذۡهَبۡ أَنتَ وَرَبُّكَ فَقَٰتِلَآ إِنَّا هَٰهُنَا قَٰعِدُونَ﴾

***«Демек, баргын, сен Роббиң экөөң согуша бергиле. Биз болсо ушул жерде отуруп күтөбүз»*** [5:24]

деп айтышты. Ошондо Аллах аларга бул жерди 40 жылга харам кылды. Саййидибиз Давуд, Сулайман жана алардан башкалардын өкүмдарлыгы бүткөндөн кийин бул укук аягына чыкты. Андан кийин исламий фатх себептүү бул жер Исламий жерге айланды жана Акса мечити Исра сүрөсүндөгү Роббаний чечим менен мусулмандарга таандык болду.

Америка жана Европа душман болуп эсептелет. Оорунун тамыры да алар. Экинчи дүйнөлүк согушта нацисттерди жана алардын союздаштарын жеңгенден кийин адилетсиз эл аралык системаны орноткондор ошолор. Антисемиттерди жазалай турган мыйзамдарды иштеп чыккандар да ошолор. Алар согуштан кийин холокосттун курмандары болгон яхудийлерге тилектеш болгон эл аралык коомдук фикирди жаратышты жана антисемитизмге каршы күрөшүү боюнча катаал токтомдорду кабыл алышты. Алар жана сионисттик кыймыл Фалестинде яхудий мамлекети тикеленишин колдоп-кубаттоо үчүн холокосттон жана антисемитизмден пайдаланышты. Андан кийин яхудий вужуду да өзүнүн амандыгы жана Газа калкына каршы баскынчыл саясатын улантуу үчүн ушундан пайдаланды. Яхудий вужуду ага душман болгон, анын баскынчыл саясатын сындаган же Фалестин калкын колдогон позицияны карманган ар кандай адамды антисемит кылууга урунуп жатат.

Газага каршы акыркы согушта ушуну байкадык – яхудий вужуду, европалыктар жана америкалыктар Газа калкына каршы кылмыш жана геноцидди, алардын көчүрүлүшүн актоо үчүн ушул антисемитизмден пайдаланышты. Алар эмне кылсак да жоопкерчиликтен жана сындоодон үстөмбүз жана Аллах тандаган калкпыз деп эсептешет. Ошондуктан, аларга душмандык кылууга, алардын ар кандай ишине каршы чыгууга катаал мыйзамдар жана эл аралык коомдук фикир менен тыюу салынган. Бирок, яхудийлердин Газадагы кылмыштарынан кийин эл аралык коомдук фикирдеги бул жалган түшүнүк жокко чыга баштады, Аллахтын урухсаты менен, жок болуу алдында турат.

Жыйынтап айтабыз, биз яхудий вужудуна ишара кылууда (израиль) мамлекети деген аталышты колдонбойбуз. Себеби, бул аталышты колдонуу алардын мамлекетин таануунун бир түрү болуп эсептелет. Фалестинди басып алган вужуд үчүн эң ылайыктуу аталыш – яхудий мамлекети. Ал эми, улутчулдардын "биздин яхудийлер

менен болгон согушубуз диний согуш эмес, сионисттер менен болгон согуш” деп бул аталышты колдонуудан качууларына келсек, биз муну тааныбайбыз. Себеби, бизге каршы согушуп, жерибизди басып алгандар яхудийлик динден келип чыгып же Фалестин жеринде мамлекет тикелөө укугуна ээ экендигин камтыган улутчулдуктан келип чыгат баскынчылык кылышууда. Яхудий вужудунун сыфатында ушул эки нерсе бар. Ошондуктан, яхудий вужуду деген аталыш ал үчүн эң ылайык аталыш. Ааламдар Роббиси Аллахка мактоолор болсун. ❑

## ЭКИ ХАРАМ ӨЛКӨСҮ КОРКУНУЧ АСТЫНДА!

**Жандал Салах – Жанин**

Бүгүнкү күндө акыл жүргүзгөн адамга сыр болбогондой, яхудийлер менен кресттүүлөр эки харам өлкөсү үчүн өтө карамүртөз нерселерди даярдашууда. Бирок, бул өлкө калкы ушул нерселерден таң калтырган даражада кабарсыз болууда.

«Тентиген аюу» деп аталган Мухаммад ибн Салмандын иш-аракеттерин көпчүлүк байкоочулар жана өлкө калкы өспүрүмдүн өз күчүнө жана мүмкүнчүлүгүнө туйгуланып жасап жаткан жөн гана башаламан аракети деп ойлоп жатат. Алар бардык проблема бул өлкөдө акылсыз иш-аракети менен бир өспүрүм аким жетекчилик кылып жатканында деп жатышат. Түпкүлүгүндө болсо, валлаху аълам, бул туура эмес. Биз жаш баладай кылыктанган өспүрүм өкүмдарга эмес, кооптуу планга туш келип жатабыз...

Шексиз, Мухаммад ибн Салмандын бийликке келиши жана бардык бийлик тизгинин колго алышы Американын чечими менен болду. Муну жазуучу Майкл Вольф өзүнүн «От жана каар» деген китебинде ачыктады. Ал китебинде Ибн Салманды мураскер канзада кызматына көтөрүү аркылуу Сауд Арабияда кансыз ички төңкөрүштү пландаштырууда президент Дональд Трамптын ролу жөнүндө айтат. Бул болсо, Мухаммад ибн Салмандын келиши атайын уюштурулган пландуу болгонун жана Америка администрациясы ал аркылуу узак мөөнөттүү максаттарга ээ жетмекчи экендигин ачык-айкын көрсөтүүдө. Эч ким Американы маанилүү бир региондо жолдомосуз акмак бир өспүрүмдү коюп коёт деп ойлобосун. Андай эместиги Ибн Салман аткарып жаткан схеманын маңызынан көрүнүп турат. Анын ар бир аракети дыкат үйрөнүлгөн, алдын ала даярдалган о.э. Америка жана яхудий вужудунун коопсуздук жана разведка кызматтары менен алдын ала келишилген иштер.

Ибн Салмандын яхудийлер менен байланышы эч кимге сыр болбой калды жана биз бул байланыштын чындыгын далилдемекчи же бул туурасында талкуулашмакчы эмеспиз. Негизи, «Акса ташкынынан» кийинки доордо ал жасап жаткан саясий жана экономикалык иш-аракеттер, яхудий вужудун маддий (материалдык) техникалык жактан колдоп-кубаттап

жатканы жашыруун эмес. Ал тургай, бүгүнкү күндө Аль-Сауд өкүмдарлары да яхудийлер менен мамилелерин жашырбай калышкан. Жада калса, (израилдин) «The Jerusalem Post» гезити да Аль-Сауд менен яхудийлер ортосундагы мамиленин өтө терең жана бекемдигине таң калды. Айрыкча, Мухаммад ибн Салман «Яхудий мурасы борборунун» негиздөөчүсү менен жолугушканда «(израилди) яхудийлерден да жакшыраак көрүшүн» баса белгиледи. Ал Ибн Салмандан: «Яхудийлер жана христиандар жөнүндө оюңуз кандай?», - деп сураганда, ал: «Экөөсүн тең абдан жакшы көрөмүн», - деди. Яхудий бул жакшы көрүүнүн себебин сураганда, Ибн Салман: «Анткени, менин тарбиячым ошолордун бири болгон», - деп жооп берди. Борбордун башчысы: «Муну менен эмне демекчисиз?!», - деп сураганда, Ибн Салман: «Себеби, менин тарбиячым теги эфиопиялык евангелист яхудийлерден болгон», - деп жооп берди. («The Jerusalem Post» гезитинин жылдык конференциясы, 2019-жыл, 22-июнь).

Ошондуктан, Сауд Арабиянын Газа калкын кыргын кылып жаткан жана Масжидул Аксаны акаараттап жаткан яхудий армиясын колдоп-кубаттоо үчүн узундугу 2000 километр болгон азык-түлүк линиясынын курулуп ишке берилишине катышканы таң калычтуу эмес. Нетаняху 2020-жылдан бери Саудияга жашыруун сапар жасап, бул сапарлардын 2020-жылдын 22-ноябрдагысы ачыкка чыгып калганы да таң калычтуу эмес! Яхудийлердин туризм министри Хаим Кац өз делегациясы менен Саудияга тынымсыз сапарларды жасап жатканы да да калычтуу эмес! Эки харам өлкөсүндө Мухаммад ибн Салман доорунда раввин Якоб Герцог башкарган «Хабад» кыймылы ачылганы да таң калычтуу эмес! Саудияда жашаган яхудийлердин мүлктөрүн эсеп-китеп кылуу үчүн борбор Эр-Риязда «Diarna» коомунун башкы кеңсеси 15 жылдан бери иш жүргүзүп келе жатканы да, раввин Роби Харзук жана ибрахимия маселелери боюнча бөлүм төрагасы Рафаэл Нигелдердин бир катар сапарлары да таң кала турган абал эмес! Кадырлуу окурман, хаж зыяратын уюштуруу иштерин «израилдин» «OFER» коопсуздук кызматы көзөмөлдөп жатканына да таң калбагын, бул сыяктуу иштердин тизмеси узун.

Мен бул жерде Сауд үй-бүлөсү менен яхудийлер ортосундагы байланыштын өтө тереңдигин түшүнүп жетишиңер үчүн бул жөнүндө айттым. Алдыбызда бир жаш баланын кежирдиги эмес, яхудийлердин катышуусунда Америка администрациясы алдын ала даярдаган план негизиндеги иш-аракеттер турат.

**Кудуретсиз мамлекет түшүнүгү:**

Сөздү кыска жана так айтканда, Мухаммад ибн Салман атайылап бийликке алынып келинди, мындан максат эки харам өлкөсүн «кудуретсиз мамлекет» деген түшүнүккө алып келүү. Бул максат эки харам өлкөсүн азык-түлүк жана экономикалык начар абалга алып келүү жана элдик толкундоолор аркылуу ишке ашырылат.

‶Кудуретсиз мамлекет″ түшүнүгү эл аралык жана глобалдык деңгээлде мыйзамдаштырылган кооптуу саясий түшүнүктөрдүн бири. Мыйзамдаштырылганы – бул ‶кудуретсиз мамлекет″ менен алектенүү үчүн эл аралык мыйзамдар иштелип чыккан. Т.а. эки ыйык мечиттер өлкөсүн ‶кудуретсиз мамлекет″ деп жарыялоо БУУга аны түздөн-түз башкаруу укугун берет.

‶Кудуретсиз мамлекет″ аталышы токсонунчу жылдардын башында АКШнын БУУдагы өкүлү сүйлөгөн сөзүндө пайда болду. Кошмо Штаттар даярдаган, аныктамасы так болбогон бул түшүнүк башка түшүнүктөр сыяктуу, мисалы, терроризм, гендер, аялдарга мүмкүнчүлүк жаратуу түшүнүгү, демократияны жаюу түшүнүгү ж.б.у.с. мааниси бүдөмүк, аныктамасы так көрсөтүлбөгөн түшүнүк болуп эсептелет. Бул эл аралык укук текстерин колдоп-кубаттоо жана тастыктоо менен ушул мамлекеттин иштерине аралашууга, анын суверенитетин жана укуктарын белгилөөгө о.э. коопсуздук кызматтарын, армияны, суверен институттарын Эл аралык Кылмыш соту статутунун 34-беренеси менен БУУ уставынын 4-беренесине ылайык түзүүгө жол ачат. Биз эки харам өлкөсүндө болуп жаткан окуялар мына ушуга карап бара жатканын көрүп жатабыз.

**Эки харам өлкөсү бөлүнөбү?**

Бул бөлүнүү жөнүндө сөз кылганыбызда көпчүлүктүн оюна Бернард Луис келет. Бирок, 1982-жылдан ушул күнгө чейин мусулман өлкөлөрүн бөлүү жөнүндөгү ондогон долбоорлор

жогорку деңгээлдеги эксперттер тарабынан АКШ конгрессине сунушталган. Батыш маалымат каражаттары эң маанилүү адам болбосо да негизги этибарды Бернард Луистин планына каратышат. Ыктымал, мындан көңүлдү башка жакка буруп же долбоор куру кыял экендиги жөнүндө жалган фикирди пайда кылуу көздөлгөн. Бирок, бул мусулман өлкөлөрүн бөлүү туурасында пландар өтө көп, кээ бирлери ар кандай сырлар менен катылган, ккэ бирлери абдан жаап-жашырылгандыктан алардын түпкү маңызын түшүнүү оңой эмес.

Мисалы:

- Ральф Питерстин «Кандуу чегаралар» деген планы (2006-жыл). Бул план үч негизге таянат: «израилдин» өкүмдарлыгы, нефть булактарына ээлик кылуу жана күрддөрдүн коопсуздугу.
- Бенгурий планы (1957-жыл). Бул план жөнүндө мисирлик стратегия боюнча эксперт генерал-майор Хассам Сувайлим айткан. План яхудийлердин 18 жылга созулган Ливан согушу учурунда кабыл алынган. Планда Ливанды бир нече «кантон» мамлекетчелерге бөлүү, Бейрутту болсо эл аралык камкорчулук астында калтыруу сунушталган.
- Одед Йинондун планы (1982-жыл). Ал абдан сырдуу адам болгондуктан, анын бир эле сүрөтүн табууга болот. Ал Ликуд партиясынын көптөгөн стратегияларынын белгилүү муфаккири болуп, анын планы 1982-жылы «Кивуним» журналында жарыяланган.
- Жеффри Голдбергдинн «Карта» деп аталган планы («The Atlantic», 2008-жыл). Яхудий армиясында кызмат кылган бул адам өз планын белгилүү «The Atlantic» журналында жарыялаган. Анын планы АКШ сенаты Иракты бөлүү жөнүндө (аткарылышы мажбурий болбогон) планды кабыл алган учурга туура келген.
- Бул жерде Бернард Луистин белгилүү планы да бар.
- Саясий изилдөөчү доктор Ясир Нажм жогорудагы адамдардын 15ке жакын пландарын санап өткөн.

Эмнеси болгондо да, бул жарыя кылынган пладардын бардыгы ишке ашырылбаган, алар маалымат каражаттарында ачыкталып, коомчулуктун белгилүү бир реакциясын козутуу үчүн болжолдонгон.

Бирок, разведка жана стратегиялык эксперттер мусулман өлкөлөрүн бөлүү жөнүндө Конгресске сунуштаган бул өтө көп пландар бизге Америка чынында эле регионду бөлүүнү каалап жатканы жөнүндө так көрүнүштү берет. Айрыкча, бизде бөлүнгөн Түштүк Судан жана күрд аймактары сыяктуу амалий мисалдар бар. Бирок, биз Америкадай күчтүү мамлекет план түзүүдө өз планын гезит жана журналдарда жарыя кылган адамдарга – ал тургай, алар жогорку кызматтагы адамдар болсо да – таянбашына терең ишеничтебиз. Айрыкча, мусулмандарды бөлүү саясаты Жакынкы Чыгыш сыяктуу өтө маанилүү регионго байланыштуу болгондо. Мындан тышкары, ансыз да Американын колунда эксперттер, саясатчылар, окумуштуулар жана стратегдер сыяктуу армия бар. Бирок, жарыя кылынбаган жана мусулман өлкөлөрүн бөлүү фитнасынын жалпы линиясына кирген план шексиз бар деп катьий айта алабыз.

**Эки харам өлкөсүн бөлүү кыйын... бирок!**

Бүгүнкү күндө эки харам өлкөсүн алалы. Эгер мусулман өлкөлөрүн бөлүү пландарын же жарыя кылынган долбоорлорду үйрөнүп чыксаңар, алардын бардыгы маанилүү бир маселеге ишара кылып жатканына күбө болосуңар. Т.а. эксперттер жана разведка кызматтарынын шайтандары Мисир жана эки харам өлкөсүн бөлүү кыйын деп эсептешет. Себеби, бул өлкөлөрдүн демографиялык жана диний шарттары бөлүү операциясына ылайык келбейт. Мисалы, Судан мамлекети Дарфур, борбор жана түштүк региондорго бөлүнгөнү же Ирак сунний, шиа жана күрддөргө бөлүнгөнү сыяктуу.

Өлкөдө демографиялык шайкештик жана мафкуравий тынчтык болсо, бөлүү жөнүндө кеп болушу мүмкүн эмес. Ошондуктан, Мисир жана эки харам өлкөсү бөлүнүшү кыйын, бирок, аларды бүтүндөй бөлүнбөйт деп болбойт.

Бүгүнкү күндө саясий майданда четке каккыс нерселердин бири ушул: Америка – анын тышкы саясаты да муну даана көрсөтүп турат – максат көздөгөн бирер региондо чыр-чатактарды жана тартипсиздиктерди чыгаруу аркылуу өз таасирин жаят жана өкүмдарлыгын орнотот.

Буларга Экинчи дүйнөлүк согушу жана Европаны кайра тикелөөдөн тартып, Иран-Ирак согушу, Булуң согушу жана

нефть булактарына өкүмдарлык кылуу, Иракты басып алуу, Сирия козголоңу жана башка араб мамлекеттериндеги козголоңдорду тартипсиз абалга алып келүү, ушул аркылуу бүткүл регионду кайра түзүү... сыяктуулар мисал болот.

Ал тургай, Иран-Ирак согушу аяктоо алдына келгенде АКШ улуттук коопсуздук кеңешчиси Бжезинский биринчи Фарс булуңу согушу бүтпөй жатып тезинен экинчи Фарс булуңу согушун чыгаруу зарылдыгын, ошондо Америка Сайкс-Пико чегаралары боюнча «каталарды» оңдой алышын айткан.

Ошондуктан, эки харам өлкөсүндө диний жана демографиялык шайкештик болгондуктан этникалык жана тайпачылык чыр-чатактарын чыгаруу мүмкүн болбогон учурда Америка эки харам өлкөсү бөлүү максатында Ирактагы абалдан башка ыкмаларды ишке салууда. Бул болсо Америка Иракта, Сирияда, Ливияда, Яман жана Суданда кылгандай ички куралдуу чыр-чатактарды чыгаруунун ордуна «кудуретсиз мамлекет» концепциясынан пайдаланышын түшүндүрөт.

Америка эки харам өлкөсүндө мазхабчылык жана тайпачылык жаңжалдарды козгой албаганы үчүн башка чечим тапаганына күбө болуп жатабыз.

**Өлкөнү ичинен кыйратуу:**

Эки харам өлкөсүндөгү саясий жана коопсуздук абалына назар салсак, өлкөнүн бар тарабында кризистер бар экенине күбө болосуңар. Бул кризистерди дагы да күчөтүү – өлкөнү «кудуретсиз мамлекет» концепциясына алып барууга багытталган атайы жараян. Бул анын белгилүү бир бөлүктөрүн, мисалы, чыгыш же түштүк регионду бөлүү, же эки харам шарифти эл аралык статуска өткөрүү, же нефть булактары жайгашкан региондорду жеке тараптарга өткөрүү, же болбосо Нажды Хижаз жана Тихамадан бөлүү... мүмкүнчүлүгүн берет.

Дагы үстүртөн назар салуудан Ибн Салман кыска мөөнөткө Яманга аскерий жактан аралашууга убада бергенине күбө болобуз, бирок бир нече жыл өтсө да, Саудия армиясы дагы эле түштүк чегарада калууда. Саудия Хусийлердин бир катар учкучсуз учактарына каршы да, стратегиялык нефть заводдорунун өрттөлүшүнө каршы да эч нерсе кыла албай өз аброюн жоготту. Ал тургай, анын расмий армиясы өлкө жана

калк алдында өз айбатын жоготту жана көпчүлүккө күлкү болду.

О.э. Көңүл ачуу комитети жана аялдар үчүн чыгарылган жаңы мыйзамдар социалдык абалды кантип өзгөрткөнүнө күбө болдук. Өзгөчө, «улуттук майрам», «Женадрия сейили» (фольклор майрамы) сыяктуу массалык иш-чаралар уюштурулганын, бейпайда нерселерге өтө чоң каражат сарфталып жатканын көрүп жатабыз, мисалы, гольф аянты жана «формула 1» жарышы (жалпы көлөмү 3 миллиард доллар), «Ньюкасл Юнайтед» футбол клубун сатып алуу, Роналду менен келишим түзүү жана адамдар ырыскысын жүз миллиондогон арзыбаган нерселерге сарфтоо сыяктуу. Эки харам королдору калкка "ыңкылаптык" таасир кылууда. Король Халид доорунда да ушундай иштер «Ихван» кыймылынын пайда болушуна себеп болду, кийин «Жухайман Утайбий кризиси (чабуулдары)» болду. Булардын бардыгы өлкөнү силкинтип, козголоң чыгарууга каратылган иш-аракеттер.

О.э. «Неом» долбоору, муну менен бирге, Кушнер стратегиясы жана анын Тель-Авивдеги офиси менен кызматташуу, яхудийлердин аралашуусу жана алардын мүлктөрүн коргогон «Diarna» мекемесинин ачыкка чыгышы, жээк шаары «Линия» долбоорунун ачыкка чыгышы о.э. Саудиянын «Неом» долбоору менен Тооротто айтылган Наум өлкөсү ортосундагы шектүү байланыштуулук, анын аймактары (яхудийлердин айтымында Муса عليه السلام га түшүрүлгөн беш китептин биринчисинде айтылгандай) Сифр Таквин деп аталышы жана картасы 1917-жылы Нью-Йоркто «Hashashar» журналында жарыяланышы ж.б.у.с. Бул карта Агора т.а. яхудийлердин тыйынындагы картанын өзү. Мындан тышкары, Мухаммад Иса жана анын Саудия өлкөсүнө масондук идеяларын киргизүү аракеттерин унуткан жокпуз.

Кала берсе, уруу шейхтери акааратталып, эки харам өлкөсүндөгү эң чоң эсептелген Утайба уруусунун амири шейх Файсал ибн Султан ибн Хамид камакка алынды жана жеке камерада кармалып кордолду, андан кийин бадавий уруулары, негизинен, Хувайтат уруусу көчүрүлдү, бир нече шаарларда үй-жайлар конфискацияланып, буздурулду, негизинен, Жидда шаарындагы үйлөр ойрон кылынды.

Хижаз жана Тихама регионундагы Бен Ладендер үй-бүлөсү, Нувайсир, Халид Зайнал жана Мухаммад ибн Хусайн Амудий сыяктуу региондо эң ири эсептелген соодагерлерди жок кылуу үчүн ашынган кампания башталды. Андан кийин Хижаз урууларынын жетекчиси шейх Абдуллах Туркий камакка алынып, жеке камерада кармалды.

Амирлер, ири соодагерлер, уламалар, ал тургай, эки харам шейхи Салих аль-Талиб сыяктуу имам-хатибдер зомбулук менен камакка алынды.

Бул нерселерге үстүртөн караган адамга акмак өкүмдар наадандыгы себептүү өлкөнү ойрон кылып жатат деген ой келет. Бирок, жогорда айтканыбыздай, абал мындан кыйла татаал.

Мухаммад ибн Салман өлкөнү ойрондуга айлантуу үчүн атайын пландалган астейдил аракет алып барып жатат. Бирок, бул Ирактагыдай ыкма эмес, бул мамлекеттин өз-өзүнөн кулашына алып келе турган ички кыйроо. Ошондо анын бөлүнүшү табигый болот. Өз кезегинде, бул абал өлкө калкына, өзгөчө, өлкө чоңдоруна, аксакалдарына жана армия жетекчилерине ыкчам чара көрүү жоопкерчилигин жүктөйт.

Эки харам өлкөсүнүн калкы ушуну жакшы билип алышсын – өлкө кырсыктуу жана масштабдуу деңгээлде жүз бере турган ички кыйроого жүз тутуп жатат. Мамлекеттин учурдагы чечим чыгаруучусу Америка жана ал өлкөнү өзү каалаган «Жаңы Жакынкы Чыгыш» долбооруна ылайык курат. Бул оңой болбойт. Армия начарлап Америка өз малайлары аркылуу урууларды өз ара күрөшкө үндөө менен мамлекетти башаламандыкка алып барат. Акыбетте эки харам өлкөсү жахилияттагы уруучулук абалга келет. Ушул башаламандык аркылуу Америка нефть булактары, камсыздоо линиялары жана негизги транспорт жолдоруна мүмкүнчүлүк табат. Өлкөнү болсо бузулган коопсуздукка, кыйраган экономикага, жакыр жана ачарчылыкка кептейт.

Бүгүн сунуштаган жалгыз насаатыбыз ушул – Американын планына каршы чыгып, Американы өлкөдө калтырышыбыз керек. Ислам булагы жана алгачкы Ислам мамлекетинин борбордук чекити болгон, дагы эле мусулмандардын кыбласы болуп турган ушул эки харам өлкөсү кайрадан өз асылына, рошид Ислам мамлекетине кайтышы зарыл. Ислам мамлекети

гана мусулмандарга кайра жетекчилик кылып, мамлекет иштерин тартиптейт жана бүткүл дүйнөнү башкаруу үчүн аракетке келет, инша Аллах.

Булуң калкы бул жаатта кайдыгерлик кылышы жаиз эмес. Силер лидер жана исламий инсаний күчтүн борбору болгонсуңар. Дүйнөдөгү эң күчтүү он уруу (Утайба уруусу, Анза уруусу, Гамид уруусу, Захран уруусу, Кахтан уруусу, Давасир уруусу, Шамр уруусу, Мутайр уруусу, Жахина уруусу жана Бану Тамим уруулары) силердин өлкөңөрдө. Бул уруулар пуштундар сыяктуу дүйнөлүк деңгээлде инсаний күчтө теңи жок. Алар согуштук уруулар болуп, саны көп, бирок, эч кандай кыйматка ээ болбогон Кытай, Япония жана Россия калктары сыяктуу эмес. Тескерисинче, эки харам өлкөсүнүн уруулары кылыч колунан түшпөгөн, согушкер жана тажрыйбалуу уруулар.

Андыктан, мына ушундай уруулар эки харам жерин «тыңчы уруу» Аль-Сауддун талкалап жатканын көрүп, жахилият дооруна кайтышын карап, кол куушуруп турушу мүмкүн эмес, бул акылга да, динге да, эр кишилердин өлчөөсүнө да таптакыр туура келбейт.

Эки харам өлкөсү бөлүнүү жана жашыруун саясий келишимдерге карай бара жатат, бул келишимдер учурда да бар. Маселе убакыт маселеси. Себеби, абал жарылып, Америка кирип келиши жана өз малайларынын жардамында алдын ала даярдаган планын зордоп тыгыштырышы турган кеп.

**Жакынкы күндөрдө Исламий Умматтын жетекчилиги астында эки харам өлкөсүндө ойгонуу жүз беришин жана Аллах жолунда жихад байрагын (рошид Халифалык роясын) көтөрүп, рошидиндер заманы кайтышын көрөбүзбү? Же Америка Ирактан, Сириядан, Судандан жана Ливиядан кийин (Аллах сактасын) бул өлкөнү талкалаган соң, эки харам өлкөсүн ошол баткактан табабызбы? Ооба, өткөн кылымдын токсонунчу жылдарындагы ойгонуудан башка ойгонууну көрөбүзбү?! Ал кезде ойгонууну Аль-Сауд, Аль Шейх уламалары жана алардын тарапкерелри жок кылган. Ошол ойгонууда сунушталган нерселер Умматта – рубубият жана улухият тавхиди менен бирге**

**бийлик тавхиди – туурасында үмүт ойготкон. Бийлик тавхиди алардын назарында Халифалык мамлекетин тикелөөдөн башка нерсени түшүндүрбөйт.**

Биз Расулуллах ﷺдын:

**«إِنَّ الْإِسْلاَمَ بَدَأَ غَرِيبًا، وَسَيَعُودُ غَرِيبًا كَمَا بَدَأَ، وَهُوَ يَأْرِزُ بَيْنَ الْمَسْجِدَيْنِ كَمَا تَأْرِزُ الْحَيَّةُ إِلَى جُحْرِهَا»**

**«Ислам гариб болуп башталды, кайра дагы гариб болуп кайтат. Ислам кудум жылан өз ийинине кайткандай дагы эки мечитке кайтат»**, деген башараты алдында турабыз. Бул хадисти имам Муслим өз сахихинде Ибн Умар رضي الله عنه нун хадисинен чыгарган.

Аллахым, эки харам өлкөсүн коргооңо ал, кафирлердин айла-амалынан жана саткындардын кыянатынан куткар, кайра Ислам жана мусулмандардын чебине айланткын. ❑

ААЛАМ МУСУЛМАНДАРЫНЫН КАБАРЛАРЫ

## Ирак парламенти гомосексуализмди кылмыш деп токтом чыгарууда, «Хьюман Райтс Вотч» бул токтомго каршы чыгып жаткан болсо, Америка жана Британия токтомду коркунуч деп эсептөөдө

2024-жылы 25-апрелде Ирак парламенти жаңы мыйзам кабыл алды. Анын учурдагы редакциясында мурункудай өлүм жана өмүр бою эркинен ажыратуу жазасынын ордуна түрдүү мөөнөттөргө эркинен ажыратуу назарга алынган. Бул мыйзам «бузукулукка каршы мыйзамга» киргизилген өзгөртүүлөр алкагында кабыл алынган. Ага ылайык, бир жыныстагы адамдарды жыныстык мамиле кылышканы үчүн 10 жылдан 15 жылга чейин эркинен ажыратуу, өз жынысын өзгөртүү үчүн хирургиялык операция жасаган же жасаткан адамдар (т.а. атайылап жыныс өзгөртүү менен алектенгендер) үчүн 1 жылдан 3 жылга чейин эркинен ажыратуу жазасы белгиленди. О.э. мыйзамда «гомосексуализм» деп аталган нерсеге үгүттөгөн ар кандай уюмга тыюу салып, 7 жылдан аз болбогон камак жана 10 миллион динар (7600 доллар) айыппул белгиленген. Бул мыйзам жарыя кылынгандан бир күн өтүп АКШ мамлекеттик департаментинин маалымат катчысы Мэттью Миллер: «Бул мыйзам Ирак коомундагы эң аярлуу адамдарына коркунуч, бул сөз эркиндигине тоскоолдук кылууда иштетилиши мүмкүн», - деп билдирүү берди. Бул мыйзам жөнүндө Британия тышкы иштер министри Дэвид Кэмерон бул «коркунч жана кабатыр ойготуучу» мыйзам деди. 2024-жылы 27-апрелде «Хьюман Райтс Вотч» уюму да мыйзамды «тезинен бекерр кылууга» чакырып: «Бул мыйзам Иракта зомбулук жана кемсинтүүнү күчөтөт, адамдын негизги укуктарына, сөз эркиндигине, уюм түзүүгө, жеке кол тийбестикке, теңдикке зыян жеткирет жана гей, лесбиянка жана трансгендерлердин (ЛГБТ) кемсинтпөө укугун бузат», - деди.

**Ал-Ваъй:** Ирак парламенти бул мыйзамды кабыл алуудан гомосексуализм кылмыштары үчүн өлүм жана өмүр бою эркинен ажыратуу жазасын белгилүү бир

мөөнөткө эркинен ажыратуу жазасына жеңилдетүүнү көздөгөн болсо да, бирок, эки карамүртөздүк очогу: АКШ жана Британия жетектеген кылмышкер илманий кафир Батыш, анын ыплас уюмдары, гуманитардык жана адам укуктарын коргорун айткан Хьюман Ратс Вотч сыяктуу уюмдары дүйнөдө ыпластык жана ахлакий бузукулукту жаюуда бир позицияны кармануудa.

## «Израилдин» Газадагы ийгиликсиздиги АКШнын Вьетнамдагы ийгиликсиздигине окшойт

(Израилдин) ичиндегилер Газа согушу экинчи эгемендик согушубуз деген консенсуска келишкен болсо да, бирок, бул консенсус азыркы согушуу ыкмасы бүтүндөй жараксыз деп эсептөөдө. Газа секторунда согуш башталгандан бери (израиль) баскынчы армиясы өлтүргөнүн айткан согушкерлердин саны ар күнү жаңылануудa. Баскынчылар ушунча тоннелдерди ойрон кылышты, согушкерлердин инфраструктусына зыян жеткиришти, бирок, бул сандар алар айткан «бүтүндөй жеңишке» карай жолду ача албай жатат. Бар-Илан университетинин Жакынкы Чыгыш боюнча профессору, чыгыштаануучу Эхуд Баланга айтат: «Сыртынан караганда жана маалымат каражаттары, яхудий армиясынын маалымат кызматтары жарыялап жаткан кабарларга ылайык, (израиль) армиясы өз максатына жетүү жолунда эместей. Себеби, ал жарыя кылган сандар «толук жеңишке» жетүү үчүн туура жол болбосо керек. Анткени, аскерийлер тилинде бул усул «өлтүрүлгөндөрдү саноо» деп айтылат жана бул баскычта набыт болгон душмандын саны анын жаңы кадрларды жалдоо жана даярдоо жөндөмүнө караганда көбүрөөк болот. Согуштук ийгиликтин өлчөөсү душман күчтөрүн канчалык жок кылуудa. Себеби, ар бир баскычтын акырында басып алынган жерлерди эле эмес, душманды жана ойрон кылынган буталарды саноо зарыл». Эхуд баса белгилегендей, бул «өлтүрүлгөндөрдү саноо» деген сөздү бир гана (израиль) ойлоп таппаган, америкалыктар да Кувейт согушунда «өлтүрүлгөндөрдү саноону» согуштук ийгиликтерге өлчөө кылышкан жана Вьетнам согушунда

бул аныктама эң жогору чокуга жеткен. Өлүктөрдүн саны, тастыкталган өлтүрүү жана өлтүрүү көрсөткүчү согуштун эң белгилүү көрсөткүчүнө айланган. Бирок, ага карабастан АКШнын ошол убактагы түпкү ийгиликсиздиктери себептүү бул жол максатка алып барбаган. Ошондуктан, «израилдин» коркуусунан көрүнүп тургандай, баскынчы армиянын Газадагы бирер аймактан чыгып кетиши аскерий боштукту пайда кылууда жана каршылык кыймылындагылардын көпчүлүгү аскерий кийим кийбегендиктен алардан канча согушкер өлтүрүлгөнүн аныктоо кыйынчылыгы жаралууда.

**Ал-Ваъй:** яхудийлерге каршы бир топ турат. Эгер, бүткүл Уммат жихадка чыкса эмне кылышар экен?! Аллахтын жардамы менен, эртең яхудийлерден өч алуу кандай болорун көрөсүңөр. Ошондо эч ким силердин жасадыңарды санабайт.

## (израилдик) жазуучу: Газа согушу Америкада Исламды бекемдеди

Бар-Илан университетинин АКШ жана Ислам маселелери боюнча эксперти «израилдик» жазуучу Элад бен Дэвид Газа секторуна кол салуу Батышта болуп көрбөгөн антисионисттик маанайды козгогонун айтты. Ал «Israel today» сайтына айтышынча, мусулмандардын фалестиндиктер үчүн күрөшү Ислам жана мусулмандардын Батыштагы деңгээлин бекемдеди, аларды адилеттик, зулум жана акыйкатсыздыкка каршы күрөшүп жаткандар катары көрсөттү. Ал ушуларды баса белгиледи: "Өткөн жылдын 7-октябры АКШда Исламды бекемдеген бурулуш чекити болду. Демонстрациялар ушуну көрсөтүп жатат – негизинен көптөгөн студенттер Фалестин мусулмандарынын Газа үчүн күрөшүнө шыктанып жатышат. Бул болсо жаш америкалыктарга катуу таасир кылды. О.э. исламий даватчыларды Кошмо Штаттардагы абройлуу университеттерге чакырышууда жана бул нерсе кайраттуу студенттерде адилет туйгусун ойготуп, алар учурда «тарыхтын оң тарабында» экендигин баса белгилөөдө. Бул даъватчылардын айрымдары өзгөчө

социалдык тармакта өтө белгилүү болууда жана бул нерсе аларга даъватты америкалыктарга, миллиондогон байкоочуларга жеткирүү мүмкүнчүлүк берип жатат. Согуш башталгандан бери интернет тармагында Исламды кабыл алуу окуялары да кеңири жайылды. Исламга жаңы киргендердин айтымында, алар Газадагы азап-кыйынчылыктарды көрүп, Ислам фалестиндик мазлумдардын азаттыгы үчүн күрөшкөн дин экенин түшүнүшкөн. Өз кезегинде, бул нерсе аларга Исламды кабыл алууга илхам берген". Жазуучунун айтымында, дагы да күчөп жаткан исламдашуу абалы Исламды кабыл алуу боюнча АКШны Батыштагы алдыңкы мамлекетке айланткан. Бүгүнкү күндө Кошмо Штаттарда христиан жана яхудий дининен кийин үчүнчү эң чоң дин Ислам болуп эсептелет. Бул кетиште жакынкы он жылдыкта Ислам дини экинчи эң чоң динге айланышы турган кеп. Мусулман болгондордун көпчүлүгү америкалык христиандар, ак түстүүлөр жана афроамерикалыктар. Бул акыйкат (израиль) жана дүйнөдөгү ири яхудий диаспорасына айрыкча 7-октябрдан кийинки доордо чоң геосаясий акыбеттерге алып келет.

**Ал-Ваъй:** Ислам дини 7-октябрдан мурун да эң тез жайылып жаткан дин эле. Аллахтын урухсаты менен, келечек да Исламга таандык. Анын жеңишинин эң маанилүү белгилеринин бири яхудий вужудунун талкаланышы болот.

## Моди өзүнүн «илахийлиги» менен тарапкерлерин алдап, Ислам жана мусулмандарга каршы тукурууда

«Гардиан» гезитинин май айындагы санында «Гардиандын Индия шайлоолору жөнүндө көз карашы: Нарендра Модинин кастык жаюудагы кайраты» деп аталган макала жарыяланды. Макалада мындай делет: «Индия премьер-министри өзүнүн илахийлигине адамдарды шыктандырууда. Бул болсо анын тарапкерлерин кудум кудайдын максаты коркуу жана кастыкты жаюу экендигине ишенүүгө алып келет». Гезит макалада айткандай «Индиянын шайлоо эрежелери

китебинде партия же талапкерге айырмачылыктарды күчөтө турган, өз ара кастык ойгото турган, же түрдүү мазхаб жана жамааттар ортосунда диний же тилге тиешелүү проблема келтирип чыгара турган ар кандай аракетке тыюу салат». Гезит «Бирер адам бул жөнүндө Наренда Модиге айтпадыбы?» деп каралаган суроону ортого салган. Муну менен гезит «Модинин Индиядагы 200 миллион мусулманды көпчүлүк индустар үчүн реалдуу коркунуч кылып сүрөттөп жатканына» ишара кылган. Модинин "Бхаратия Жаната" партиясы жүргүзүп жаткан саясий стратегия индус цивилизациясы алдындагы коркунучтарды жана мусулмандарга каршы бириккен хинду калкына муктаждык бар экенин баса белгилөөдөн турат. Ага карабастан, эми Моди ушул индус улутчулдугуна ал Кудай тарабынан жиберилгендигин кошууда. Анын негизги атаандашы Рахул Ганди: «Минтип айткан ар кандай адам психиатрге көрүнүшү керек», - деди. Гезит жарыялагандай, он жыл мурун Моди жумуш орундары маселеси анын негизги багыты болушуна убада берген. Бирок, жумушсуздук деңгээли дээрлик өзгөргөн жок. Өнүгүүнүн мөмөлөрү "Бхаратия Жаната" партиясын колдоп жаткан байлардын капчыгына түшүп жатат. Ушул күнгө чейин Индияда теңсиздиктин жогорку деңгээли Моди доорунда катталды, бул таң калычтуу эмес. Бирок, Индия үчүн негизги проблема ушул – илахийлигин айтып жаткан Моди коркунуч жана кастыкты саясий күчкө айлантуунун чебери болуп кеткен.

**Ал-Ваъй:** Моди жана анын тарапкерлери позициясындагы дагы бир негизги нерсе ушул – алар Ислам жана мусулмандарга душмандыкта «израиль» менен өтө окшош. Белгилүү болгондой, Моди Нетаняху менен калың дос жана фикирлеш. Бүгүн Индия менен «израиль» Индиядагы жакыр жумушчу күч фалестиндик жумушчулардын ордун ээлешин каалап жатышат. Себеби, фалестиндиктер басып алынган аймактарда иштөө үчүн уруксат ала алышпайт.

## «израиль» отчёту: аскерге чакырылгандардын 10 пайызы психикалык жактан оорулуу экенин айтышууда

«Едиот ахронот» гезити билдиргендей, бир катар «израилдик» аскерлер психикалык жактан оорулуу экенин айтышып аскерий кызматтан качышууда. Алар психиатр жана адвокаттар менен тил бириктирип, пара берип психикалык оорулуу деген диагноз чыгартып алышууда. Буга кошумча, бул ишке согуш учурунда акча иштеп алуу үчүн бир катар адвокаттар да аралашкан. Коррупцияга каршы күрөшүү кызматынын бир расмийи айтат: «Аскерий кызматка жараксыз деп табылган жигиттердин 10 пайызы медициалык жана психикалык себептерге байланыштуу экендигин билдирди. Табигый суроо туулат: калктын 10 пайызы кантип ушундай болсо?! Жок, албетте. Биз далил табууда кыйналып жатабыз. Себеби, бизде психиатрдын пикирине каршы эч кандай далил жок. Биз баарын текшерип чыга албайбыз».

Пара алып жаткан дарыгер жана адвокаттар жөнүндө баскынчы «израиль» армиясындагы аскерий бөлүктүн командачыларынын бири: «Алардын кесиптик лицензиясын алмайынча, мен алар менен катуу күрөшөмүн», - дейт. Ал аскерий жоокерди кызматтан бошотуу үчүн чыгарылган ар бир токтомду текшерүү үчүн яхудий армиясында инспекторлор жетишпей жатканын моюнга алды. Ал аскерий сапарбар кылынгандардын психикалык оорулары жөнүндөгү арыздарды үйрөнүү үчүн психиатрия дарыгери Моти Маркка кайрылганын айтып: «Алар жалган сүйлөп жатышканын моюнга алышат, ал тургай, айрымдары муну ачык айтуудан уялышпайт. Мен андайларга каршы – кесиптик этика комитети алардын лицензияларын бекер кылмайынча – ырайымсыз күрөшөмүн», - деди. Баскынчы армиянын жетекчилери харидим аталышы менен белгилүү ультраортодокс яхудийлерди армияга чакырууда алардын армияга кошулушу үчүн болжолдонгон сыноолорду өзгөртүү т.а. окуу базаларын түзүү жана кызмат кылуу эрежелерин харидимдерге ылайыкташтыруу көз карашынан өзгөртүүлөрдү киргизүү зарылдыгын баса

белгиледи. «израиль» телерадио корпорациясы коргоо министи Йоав Галант өз мекемесинин кызматкерлерине харидимдер жөнүндөгү аскерий кызматка чакыруу мыйзамы боюнча башкы министрлик менен кызматташтык кылбоону буюрганын айткан. Ушунусу этибарлуу, аскерий кызматтан баш тартуу толкуну негизинен «израиль» жогорку сотунун токтому чыккандан кийин күчөйт. Токтомдо харидимдер менен Тоорот диний мектебинин студенттерин (израиль) армиясына чакыруудан бошотуу жөнүндөгү мыйзам бекер кылынышы керектиги айтылган.

**Ал-Ваъй:** Яхудийлер коркок жана жашоону – канчалык ыплас жашоо болбосун – жакшы көргөн турган коом. Алар айлакер, фитначы жана жалганчы калк... Эч качан согушкер калк болбогон... Аларды күтүп турган күн болсо жакын. ❑

بِسْمِ اللَّهِ الرَّحْمَنِ الرَّحِيمِ

# КУРЪАНИ КАРИМ САБАГЫНДА

## АЛЛАХТЫН БАЯНЫНА ЫЛАЙЫК, ЯХУДИЙЛЕРДИН АЖЫРАГЫС САПАТТАРЫ

• **Алар Ислам жана мусулмандарга эң касташкан душман жана мусулмандарга зыян жеткирүүгө эң катуу аракет кылышат.** Аллах Таала айтат:

﴿لَتَجِدَنَّ أَشَدَّ ٱلنَّاسِ عَدَٰوَةً لِّلَّذِينَ ءَامَنُواْ ٱلۡيَهُودَ وَٱلَّذِينَ أَشۡرَكُواْۖ﴾

***«Ыйман келтиргендерге эң катуу душмандык кылган адамдар яхудийлер жана мушриктер экенин көрөсүң»*** [5:82]

Ибн Касир бул аяттын тафсиринде айтат: «Яхудийлердин момундарга катуу душмандык кылышынын себеби ушул – алардын кафирлиги кежирдик, четке кагуу, акыйкаттан тынчсызданышы, башка адамдарга менменсинип кароо жана илим ээлерин кемсинтүүдөн турат. Ошондуктан, алар көптөгөн пайгамбарларды өлтүрүштү, ал тургай, пайгамбарыбыз Мухаммад ﷺды да бир нече ирет өлтүрүүгө аракет кылып, ал кишиге каршы сыйкыр иштетишти. О.э. өздөрүнө окшогон мушриктерди ал кишиге каршы тукуруштү, аларга кыяматка чейин Аллахтын наалаты болсун». Саъдий бул аяттын тафсиринде айтат: «Алар адамдардын арасында Ислам жана мусулмандарга эң катуу душман болушат, жек көрүү себептүү чектен ашкан көрө албастык, кежирдик жана куфр менен аларга зыян жеткирүүгө аракет кылышат».

• **Алар оздо Аллахтын буйруктарына амал кылышы жөнүндө айтышат, иш жүзүндө анын тескерисин кылышат.** Аллах Таала бул жөнүндө мындай дейт:

﴿وَإِذۡ أَخَذۡنَا مِيثَٰقَكُمۡ وَرَفَعۡنَا فَوۡقَكُمُ ٱلطُّورَ خُذُواْ مَآ ءَاتَيۡنَٰكُم بِقُوَّةٖ وَٱسۡمَعُواْۖ قَالُواْ سَمِعۡنَا وَعَصَيۡنَا وَأُشۡرِبُواْ فِي قُلُوبِهِمُ ٱلۡعِجۡلَ بِكُفۡرِهِمۡۚ قُلۡ بِئۡسَمَا يَأۡمُرُكُم بِهِۦٓ إِيمَٰنُكُمۡ إِن كُنتُم مُّؤۡمِنِينَ﴾

***«Эстегиле,** (эй Бани Исраил) **Биз силерден шерт-убадаңарды алган соң, үстүңөрдө Тур тоосун көтөрүп:***

***“Силерге Биз бергенди** (динибизди) **бекем кармагыла жана кулак салгыла!” дедик. Алар: “Биз уктук, бирок моюн сунбадык” дешти. Алар кафир болгондуктары себептүү музоого ибадат кылуу менен гана көңүлдөрү толот. Айткын, “Эгер силер ыймандуу болсоңор, анда ыйманыңар эмнеге силерди мындай жаман нерсеге буюрду?”»*** [2:93]

Саъдийдин тафсиринде мындай делет:

﴿وَإِذۡ أَخَذۡنَا مِيثَٰقَكُمۡ وَرَفَعۡنَا فَوۡقَكُمُ ٱلطُّورَ خُذُواْ مَآ ءَاتَيۡنَٰكُم بِقُوَّةٖ وَٱسۡمَعُواْۖ﴾

***“Эстегиле,** (эй Бани Исраил) **Биз силерден шерт-убадаңарды алган соң, үстүңөрдө Тур тоосун көтөрүп туруп: “Силерге Биз бергенди** (динибизди) **бекем кармагыла жана кулак салгыла!” дедик”*** т.а. кабыл алуу, итаат, ижабат менен кулак салгыла дегенибизде ***«Уктук»*** дешти. Бирок, куфрлары себептүү:

﴿وَأُشۡرِبُواْ فِي قُلُوبِهِمُ﴾

***“Көңүлдөрү** (музоого) **ибадат кылуу менен гана толот”.***

﴿قُلۡ بِئۡسَمَا يَأۡمُرُكُم بِهِۦٓ إِيمَٰنُكُمۡ إِن كُنتُم مُّؤۡمِنِينَ﴾

***“Айткын, “Эгер силер ыймандуу болсоңор, анда ыйманыңар эмнеге силерди мындай жаман нерсеге буюрду?”»***

Т.а. силер ыйманды айтасыңар жана акыйкат динди кабыл алганбыз деп мактанасыңар, бирок, Аллахтын пайгамбарларын өлтүрдүңөр. Аллахтын пайгамбары Муса силерден кеткенде музоону кудай кылдыңар. Кооп-коркунучтан арылтып, үстүңөрдөн Тур тоосун көтөргөндөн кийин гана Аллахтын буйрук жана кайтарууларын кабыл алдыңар. Ошондо да ооздо гана кабыл алып, иш жүзүндө четке кактыңар. Демек, силер айтып жаткан ыйман жана дин кайда? Эгер силер айтып жаткан ыйман ушул болсо, өз ээсин адашууга, Аллахтын элчилерин четке кагууга жана каршы чыгууга үндөгөн ыйман кандай гана жаман ыйман. Туура ыйман өз ээсин жакшылыкка буюруп, ар кандай жамандыктан кайтарат. Муну менен алардын жалгандары жана карама-каршылыктары ачыкталды.

- **Алар Аллах Таалага каршы чыгышы, өздөрүн бай жана Аллахты жакыр деп, пайгамбарларды өлтүрүшү.** Аллах Таала айтат:

﴿لَّقَدْ سَمِعَ ٱللَّهُ قَوْلَ ٱلَّذِينَ قَالُوٓا۟ إِنَّ ٱللَّهَ فَقِيرٌ وَنَحْنُ أَغْنِيَآءُ سَنَكْتُبُ مَا قَالُوا۟ وَقَتْلَهُمُ ٱلْأَنۢبِيَآءَ﴾

***«Албетте, Аллах: «Аллах жакыр, биз байбыз» деген кишилердин сөзүн укту. Биз алардын айткан сөздөрүн жана пайгамбарларын жазыксыз өлтүргөндөрүн жазып коёбуз»*** [3:181]

Ибн Касир бул аяттын тафсиринде айтат: «Мухаммад ибн Исхак, Мухаммад ибн Абу Мухаммаддан, ал Икримадан, ал Ибн Аббастан риваят кылат, Абу Бакр Сыддык ﵁ байтул мидраска (яхудийлердин сабак алган жайы) яхудийлердин алдына кирди. Ал жерде бир нече яхудийлер Финхас деген кишинин айланасында топтолуп отурушкан эле. Финхас алардын аалым жана билимдүүлөрүнөн болуп, аны менен бирге Ашяъ деген дагы бир аалым болгон. Абу Бакр Финхаска: «Шоруң курусун, эй, Финхас! Аллахтан корк жана Исламды кабыл ал! Аллахка ант, сен шексиз Мухаммад Аллахтын элчиси экендигин, Анын алдынан акыйкатты алып келгенин, Тоорот жана Инжилде жазып коюлганын билесиң», - деди. Финхас Абу Бакрга: «Аллахка ант, эй, Абу Бакр! Биз Аллахка муктаж эмеспиз, Ал бизге муктаж, Ал бизге жалынгандай биз Ага жалынбайбыз, биз Андан байбыз. Ал бизден бай болгондо, досуңар айткандай, бизден карыз сурабайт эле. Ал силерди сүткордуктан кайтарып, өзү бизге берип жатат. Эгер ал бай болгондо, бизге сүткордук негизинде бербейт эле», - деди. Абу Бакр ﵁нун ачуусу келип, анын жүзүнө катуу чаап: «Жаным колунда болгон Затка ант, биз менен сен ортобузда келишим болбогондо, башыңды жулуп алат элем, эй, Аллахтын душманы!», - деди. Андан кийин Финхас Расулуллах ﷺдын алдына барып: «Эй, Мухаммад! Карагын, боордошуң мага эмне кылганын!», - деди. Расулуллах ﷺ Абу Бакрдан: **«Сени андай кылууга эмне мажбур кылды?»,** - деп сурады. Абу Бакр: «Я Расулуллах, Аллахтын душманы жаман сөз айтты. Ал «Аллах жакыр, биз болсо байбыз» деди. Андай дегенден кийин Аллах үчүн ачууланып, жүзүнө урдум», - деди. Финхас: «Андай дебедим», - деп четке какты. Аллах Таала Финхаска раддия кылып, Абу Бакрды тастыктап, аят түшүрдү:

﴿لَّقَدْ سَمِعَ ٱللَّهُ قَوْلَ ٱلَّذِينَ قَالُوٓاْ إِنَّ ٱللَّهَ فَقِيرٌ وَنَحْنُ أَغْنِيَآءُ﴾

***“Албетте, Аллах: «Аллах жакыр, биз байбыз» деген кишилердин сөзүн укту”.*** Ибн Абу Хатам риваяты.

Аллах Тааланын:

﴿سَنَكْتُبُ مَا قَالُواْ﴾

***“алардын айткан сөздөрүн жазып коёбуз”*** деген сөзү коркутуу болгон. Ошондуктан, Аллах Таала аны:

﴿وَقَتْلَهُمُ ٱلْأَنۢبِيَآءَ بِغَيْرِ حَقٍّ﴾

***“Пайгамбарларын жазыксыз өлтүргөндөрүн”*** деген сөзү менен байлады. Т.а. бул алардын Аллах жөнүндөгү сөздөрү жана Аллахтын элчилерине мамилелери болуп, Аллах Таала аларды бул иштери үчүн өтө катуу азапка дуушар кылат.

- **Ахд жана убаданы бузуу, ташбоордук, жалганчылык, алдоо жана кыянат.** Тарых алардын бул сапаттарына күбө, алар Пайгамбарыбыз ﷺды бир нече ирет өлтүрүүгө аракет кылышты жана ушинтип ал киши менен түзгөн убадаларын бузушту. Аллах Таала айтат:

﴿فَبِمَا نَقْضِهِم مِّيثَٰقَهُمْ لَعَنَّٰهُمْ وَجَعَلْنَا قُلُوبَهُمْ قَٰسِيَةً ۖ يُحَرِّفُونَ ٱلْكَلِمَ عَن مَّوَاضِعِهِۦ وَنَسُواْ حَظًّا مِّمَّا ذُكِّرُواْ بِهِۦ ۚ وَلَا تَزَالُ تَطَّلِعُ عَلَىٰ خَآئِنَةٍ مِّنْهُمْ إِلَّا قَلِيلًا مِّنْهُمْ ۖ فَٱعْفُ عَنْهُمْ وَٱصْفَحْ ۚ إِنَّ ٱللَّهَ يُحِبُّ ٱلْمُحْسِنِينَ﴾

***«Кийин убада-шерттерин бузгандыктары себептүү аларды каргышка калтырдык жана таш боор кылып койдук. Алар*** *(Тоороттогу Мухаммад алайхис-саламдын пайгамбар болуусу жөнүндөгү)* ***сөздөрүн орундарынан өзгөртүшөт, өздөрүнө эскертме кылып берилген нерселердин*** *(көп)* ***бөлүктөрүн унунутушкан.*** *(Эй Мухаммад)* ***сен ар дайым алар тарабынан кылынган кээ бир кыянат үстүнөн чыгасың. Бирок алардан*** *(Исламды кабыл алган)* ***азчылык адамдар гана кыянат кылышпайт. Демек, аларды кечирип жибере бер. Албетте Аллах жакшылык кылуучуларды сүйөт»*** [5:13]

Ибн Касир тафсиринде мындай делет:

﴿فَبِمَا نَقْضِهِم مِّيثَٰقَهُمْ لَعَنَّٰهُمْ﴾

***“Кийин убада-шерттерин бузгандыктары себептүү аларды каргышка калтырдык”.*** Т.а. алардан алынган

убаданы бузушканы себептүү аларды наалаттадык, башкача айтканда биз аларды акыйкаттан жана хидаяттан алыстаттык.

﴿وَجَعَلۡنَا قُلُوبَهُمۡ قَٰسِيَةٗۖ﴾

***“Жана таш боор кылып койдук”***. Т.а. жүрөктөрү катуу жана ташбоор болушканы үчүн насаат-эскертүүдөн үлгү алышпайт.

﴿يُحَرِّفُونَ ٱلۡكَلِمَ عَن مَّوَاضِعِهِۦ﴾

***“Алар*** *(Тоороттогу Мухаммад алайхис-саламдын пайгамбар болуусу жөнүндөгү)* ***сөздөрүн орундарынан өзгөртүшөт”***. Т.а. түшүнүктөрү бузулган жана Аллахтын аяттарын туура эмес чечмелешет. Алар Аллахтын Китебин түшүргөндөн башкача тафсир кылышат, анын максатын башка тарапка бурушат, ал жөнүндө айтылбаган сөздү айтышат. Мындан Аллах сактасын.

﴿وَنَسُواْ حَظّٗا مِّمَّا ذُكِّرُواْ بِهِۦۚ﴾

***“Өздөрүнө эскертме кылып берилген нерселердин*** *(көп)* ***бөлүктөрүн унунутуп жиберишкен”***. Т.а. алар өз каалоолору себептүү ага амал кылууну таштаашты. Хасан айтат: Алар дининен жана Аллах жүктөгөн милдеттерден баш тартышты, акыйкатта болсо амал ошолор менен гана кабыл алынат. Башкалар айтат: Алар амалды таштап, жаман абалга түшүп калышты. Т.а. аларда таза жүрөк да, туура табият да, сахих амал да калбады.

﴿وَلَا تَزَالُ تَطَّلِعُ عَلَىٰ خَآئِنَةٖ مِّنۡهُمۡ﴾

***“Сен ар дайым алар тарабынан кылынган кээ бир кыянат үстүнөн чыгасың”***. Т.а. алар сага жана сахабаларыңа айла-амал жана кыянат кылышат. Мужахид жана башкалар айтат: Т.а. бул алардын Пайгамбарыбыз ﷺды өлтүрүүгө умтулушу.

﴿فَٱعۡفُ عَنۡهُمۡ وَٱصۡفَحۡۚ﴾

***“Демек, аларды кечирип жибере бер”***. Бул нусрат жана жеңиш.

- **Адамдарга кол салуу, алардын мал-мүлктөрүн адилетсиз тартып алуу, Аллах Таалага күнөөкөр**

**болуу жана өз араларында болуп жаткан мункардан бири-бирин кайтарбоо.** Аллах Таала айтат:

﴿لُعِنَ ٱلَّذِينَ كَفَرُواْ مِنۢ بَنِيٓ إِسۡرَٰٓءِيلَ عَلَىٰ لِسَانِ دَاوُۥدَ وَعِيسَى ٱبۡنِ مَرۡيَمَۚ ذَٰلِكَ بِمَا عَصَواْ وَّكَانُواْ يَعۡتَدُونَ ۝ كَانُواْ لَا يَتَنَاهَوۡنَ عَن مُّنكَرٖ فَعَلُوهُۚ لَبِئۡسَ مَا كَانُواْ يَفۡعَلُونَ﴾

***«Бани Исраил арасынан кафир болгон кимселер Давуд менен Иса ибн Марямдын тилинде нааталлалышкан. Буга себеп алардын кылган күнөөлөрү жана чектен ашкандыктары, алар бири-бирлерин кылган ылайыксыз иштеринен кайтарышпайт. Бул кылмыштары кандай гана жаман!»*** [5:78-79]

Ибн Касир бул аяттын тафсиринде айтат: Кийин Аллах Таала өз заманында эмнеге таянышканы жөнүндө алардын абалдарын баян кылды жана ошон үчүн да минтип айтты:

﴿كَانُواْ لَا يَتَنَاهَوۡنَ عَن مُّنكَرٖ فَعَلُوهُۚ لَبِئۡسَ مَا كَانُواْ يَفۡعَلُونَ﴾

***“Алар бири-бирлерин кылган ылайыксыз иштеринен кайтарышпайт. Бул кылмыштары кандай гана жаман иш!”***. Т.а. алардын эч бири эч кимди күнөө жана харам иштерден кайтарбайт. Кийин Аллах Таала алар кылган иштерден эскертип, аларды айыптайт:

﴿لَبِئۡسَ مَا كَانُواْ يَفۡعَلُونَ﴾

***“Бул кылмыштары кандай гана жаман!”***. Имам Ахмад риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтат:

**«لَمَّا وَقَعَتْ بَنُو إِسْرَائِيلَ فِي الْمَعَاصِي، نَهَتْهُمْ عُلَمَاؤُهُمْ فَلَمْ يَنْتَهُوا، فَجَالَسُوهُمْ فِي مَجَالِسِهِمْ – قَالَ يَزِيدُ: وَأَحْسَبُهُ قَالَ: وَأَسْوَاقِهِمْ – وَوَاكَلُوهُمْ وَشَارَبُوهُمْ. فَضَرَبَ اللهُ قُلُوبَ بَعْضِهِمْ بِبَعْضٍ، وَلَعَنَهُمْ عَلَى لِسَانِ دَاوُدَ وَعِيسَى ابْنِ مَرْيَمَ ذَلِكَ بِمَا عَصَوْا وَكَانُوا يَعْتَدُونَ»**

**«Бани Исраил күнөө кылууга киришкенде алардын уламалары аларды кайтарышты, бирок, алар тыйылышкан жок. Ошондо уламалар алардын жыйындарында алар менен аралашып жүрө беришти.** (Язид айтат: Менимче **«жана базарларда»**, деп да айтты). **Натыйжада Аллах алардын айрымдарынын жүрөктөрүн айрымдары себептүү мөөрлөдү жана аларды Давуд жана Иса ибн Марямдын тилинде наалаттады. Буга себеп алардын кулак салышпагандыгы жана чектен чыгуусу».** Расулуллах ﷺ бул сөздөрдү айтып жатканда жамбаштап жаткан. Андан кийин ал олтуруп:

«لاَ وَالَّذِي نَفْسِي بِيَدِهِ حَتَّى تَأْطُرُوهُمْ عَلَى الْحَقِّ أَطْرًا»

**«Жаным колунда болгон Затка ант, албетте, силер аларды акыйкатка моюн сундурасыңар»**, деди.

- **Яхудийлердин сапаттарынын дагы бири – Аллах аларга илимди жеткирүүнү буйруганына карабастан алар аны жашырты.** Аллах Таала айтат:

﴿إِنَّ ٱلَّذِينَ يَكۡتُمُونَ مَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ مِنَ ٱلۡكِتَٰبِ وَيَشۡتَرُونَ بِهِۦ ثَمَنٗا قَلِيلًا أُوْلَٰٓئِكَ مَا يَأۡكُلُونَ فِي بُطُونِهِمۡ إِلَّا ٱلنَّارَ وَلَا يُكَلِّمُهُمُ ٱللَّهُ يَوۡمَ ٱلۡقِيَٰمَةِ وَلَا يُزَكِّيهِمۡ وَلَهُمۡ عَذَابٌ أَلِيمٌ﴾

***«Аллах түшүргөн Китептеги*** *(Тоороттогу Мухаммад алайхис саламдын пайгамбарлыгы жөнүндөгү)* ***аяттарды жашырып, аны арзыбаган баага саткандар курсактарын жалаң от-жалын менен толтурушат. Аларга Кыямат Күнү Аллах сүйлөбөйт, карабайт жана аларды*** *(күнөөлөрдөн)* ***тазалабайт. Алар үчүн жан чыдагыс азап бар»*** [2:174]

Куртубий бул аяттын тафсиринде айтат:

﴿إِنَّ ٱلَّذِينَ يَكۡتُمُونَ مَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ مِنَ ٱلۡكِتَٰبِ﴾

***"Аллах түшүргөн Китептен*** *(Тоороттон)* ***аяттарды жашырган адамдар"***. Т.а. яхудий уламалары Тооротто Мухаммад ﷺдын сыфаттары жана рисалатынын тууралыгы жөнүндөгү Аллах түшүргөн нерсени жашырышты.

﴿وَيَشۡتَرُونَ بِهِۦ﴾

***«Жана аны саткан»***. Т.а. жашыруу себептүү дегени.

﴿ثَمَنٗا قَلِيلًا﴾

***«Арзыбаган баага»***. Т.а. пара алуу маанисинде. Арзыбаган дегенинин мааниси анын мөөнөтү аз жана акыбети жаман. Кээ бирлер айтат: Алар алган пара арзыбаган аз гана нерсе эле.

﴿فِي بُطُونِهِمۡ﴾

***"Курсактарын"***. Т.а. курсактын айтылышы алардын ач көздүгүнө ишарат. Себеби, алар өз ахыретин эч бир мааниси болбогон тамакка сатышты.

﴿وَلَا يُكَلِّمُهُمُ ٱللَّهُ يَوۡمَ ٱلۡقِيَٰمَةِ﴾

***"Аларга кыямат күнү Аллах сүйлөбөйт"***. Т.а. аларга ачууланат жана алардан ыраазы болбойт.

﴿وَلَا يُزَكِّيهِمْ﴾

***«Жана аларды** (күнөөлөрүнөн) **тазалабайт”***. Т.а. алардын ыплас амалдарын оңдобойт, ушул себептен улам аларды тазалабайт, дегени.

- **Көрө албастык, бузгунчулук, бузукулук жаюу жана жашоону сүйүү.** Аллах Таала айтат:

﴿وَلَتَجِدَنَّهُمْ أَحْرَصَ ٱلنَّاسِ عَلَىٰ حَيَوٰةٍ وَمِنَ ٱلَّذِينَ أَشْرَكُوا۟ ۚ يَوَدُّ أَحَدُهُمْ لَوْ يُعَمَّرُ أَلْفَ سَنَةٍ وَمَا هُوَ بِمُزَحْزِحِهِۦ مِنَ ٱلْعَذَابِ أَن يُعَمَّرَ ۗ وَٱللَّهُ بَصِيرٌۢ بِمَا يَعْمَلُونَ﴾

***«Алар мушриктерден да жашоого ач көз кишилер экенин көрөсүң, алардын кимдир бирөөлөрү миң жыл өмүр сүрүүнү көксөшөт. Акыйкатта болсо, узун өмүр аны азаптан алыстатпайт. Акыры Аллах алардын жасап жаткан амалдарын көрүп турат»*** [2:96]

Саъдийдин тафсиринде мындай делет: Алар ар кандай адамдардан, ал тургай, элчилерге жана китептерге ишенбеген мушриктерден да жашоого ач көз адамдар. Алардын дүйнөгө болгон мухаббатынын күчтүүлүгү жөнүндө Аллах Таала айтат:

﴿يَوَدُّ أَحَدُهُمْ لَوْ يُعَمَّرُ أَلْفَ سَنَةٍ﴾

***“Алардын кимдир бирөөлөрү миң жыл өмүр сүрүүнү көксөшөт”***. Бул ач көздүктүн эң чокусу болуп, алар өтө кыйын болгон нерсени арзуу кылышат. Акыйкатта болсо, алар миң жыл жашашса да ага канааттанышпайт жана бул аларды азаптан таптакыр куткара албайт.

﴿وَٱللَّهُ بَصِيرٌۢ بِمَا يَعْمَلُونَ﴾

***“Акыры Аллах алардын жасап жаткан амалдарын көрүп турат”***. Аллахтын бул сөздөрү алардын амалдарына жараша жазаланышы жөнүндө эскертүү болуп эсептелет. ❑

## ЯХУДИЙЛЕРДИН СУННАТТА АЙТЫЛГАН САПАТТАРЫ

- **Алар казапка дуушар болгондор:**

Пайгамбарыбыз ﷺ Аллах Тааланын:

﴿صِرَٰطَ ٱلَّذِينَ أَنۡعَمۡتَ عَلَيۡهِمۡ غَيۡرِ ٱلۡمَغۡضُوبِ عَلَيۡهِمۡ وَلَا ٱلضَّآلِّينَ﴾

***«Азапка дуушар болбогон жана Акыйкат Жолдон тайбагандарга Өзүң атаа кылып берген Туура Жолуңа жолдогун»*** [Фатиха:7]

сөзү жөнүндө:

«اَلْيَهُودُ مَغْضُوبٌ عَلَيْهِمْ، وَالنَّصَارَى ضُلَّالٌ»

**«Азапка дуушар болгон – бул яхудийлер, туура жолдон адашкандар – христиандар»** деди. Тирмизий риваяты.

- **Алар дин тууpасында айла-амал кылган жана харамды халалга кылууга умтулган наалатталган адамдар:**

Умар ибн Хаттаб риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтты:

«لَعَنَ اللهُ الْيَهُودَ حُرِّمَتْ عَلَيْهِمْ الشُّحُومُ أَنْ يَأْكُلُوهَا، فَجَمَلُوهَا فَبَاعُوهَا فَأَكَلُوا أَثْمَانَهَا»

**«Аллах яхудийлерди наалаттады, аларга айбандардын майы харам кылынган эле, алар майды эритип сатып, анын акчасын жешти».** Муттафакун алайх.

- **Көрө албастык:** Аиша رضي الله عنها дан риваят кылынган хадисте Расулуллах ﷺ айтты:

«مَا حَسَدَتْكُمُ الْيَهُودُ عَلَى شَيْءٍ، مَا حَسَدَتْكُمْ عَلَى السَّلَامِ وَالتَّأْمِينِ»

**«Яхудийлер саламдашуу жана аамийн дегениңерде силерге көрө албастык кылгандай эч нерседе көрө албастык кылышпады».** Ибн Мажа өзүнүн сунанында

риваят кылган. Ибн Аббас риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтты:

«مَا حَسَدَتْكُمْ الْيَهُودُ عَلَى آمِينَ فَاكْثِرُوا مِنْ قَوْلِ آمِينَ»

**«Яхудийлер аамийн дегениңерге көрө албастык кылгандай эч нерседе көрө албастык кылышкан жок, аамийнди көп айткыла».** Ибн Мажа өз сунанында риваят кылган.

- **Жаман кулк-мүнөз:**

Бухарий жана Муслим риваят кылат:

«أَنَّ اليَهُودَ أَتَوُا النَّبِيَّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ، فَقَالُوا: اَلسَّامُ عَلَيْكَ، قَالَ: وَعَلَيْكُمْ، فَقَالَتْ عَائِشَةُ: اَلسَّامُ عَلَيْكُمْ، وَلَعَنَكُمُ اللَّهُ وَغَضِبَ عَلَيْكُمْ، فَقَالَ رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: مَهْلًا يَا عَائِشَةُ، عَلَيْكِ بِالرِّفْقِ، وَإِيَّاكِ وَالعُنْفَ، أَوِ الفُحْشَ، قَالَتْ: أَوَلَمْ تَسْمَعْ مَا قَالُوا؟! قَالَ: أَوَلَمْ تَسْمَعِي مَا قُلتُ؟ رَدَدْتُ عَلَيْهِمْ، فَيُسْتَجَابُ لِي فِيهِمْ، وَلَا يُسْتَجَابُ لَهُمْ فِيَّ»

**«Яхудийлер Расулуллах ﷺдын алдына келип: “Ассаму алайка** (сага өлүм болсун)”, **- дешкенде Расулуллах ﷺ: “Силерге да”, - деди. Аиша** رضي الله عنها**: «Ассаму алайкум** (силерге өлүм болсун), **Аллахтын наалаты жана азабы болсун”, - деди. Ошондо, Расулуллах ﷺ: “Сабыр кылгын, эй Аиша, сылык бол, зомбулук жана бузукулуктан сактан”, - деди. Аиша** رضي الله عنها**: “Алардын айткан сөзүн уккан жоксузбу?”, - деди. Расулуллах ﷺ: “Мен айткан сөздү укпадыңбы? Мен аларга өздөрүнүн сөзүн кайтардым. Мен айткан сөз кабыл алынат, бирок, алардын мен жөнүндө айткандары кабыл алынбайт”, деди».** Бул хадис Ислам жана мусулмандардын кайрымусулмандарга кандай кулк-мүнөздө болушун көрсөтөт. О.э. ал яхудийлердин кулк мүнөзү жаман экени, башкаларга карата жамандыкты жашырышы, өздөрүн башкалардан акылдуу эсептеши жана алардын айла-амалдарына, сөздү буруп өзгөртүп тескерисин айтышына далалат кылат.

Аиша ﵂дан риваят кылынат: “Расулуллах ﷺдын эки калың көйнөгү бар эле. Эгер Расулуллах ﷺ олтурса тердеп кетип, көйнөгү ал кишиге оор болчу. Бир күнү Шамдан баланча яхудийге кездемелер келип калды. Мен Расулуллах ﷺга: “Яхудийге адам жиберип, аз эле мөөнөткө карызга кездеме сатып алыңыз”, - дедим. Расулуллах ﷺ ага адам жиберди, яхудий: “Ал менин мүлкүмдү тартып алууну каалап жатат”, - деди (т.а. мүлкүмдү алып, акчасын бербөөнү каалап жатат деди). Ошондо Расулуллах ﷺ айтты:

**«كَذَبَ، قَدْ عَلِمَ أَنِّي مِنْ أَتْقَاهُمْ وَآدَاهُمْ لِلْأَمَانَةِ»**

**«Жалган айтат, ал** (өзүнүн китебинен) **мен Аллахтан эң коркуучу жана эң аманатчы экенимди билет».** Тирмизий жана Насаий риваяты.

- **Айла-амал жана алдоо**

Ибн Аббас ﵁ айтат: Каъб ибн Асад, Ибн Сурия жана Шас ибн Кайс бири-бирине: «Кеттик, Мухаммаддын алдына барабыз, мүмкүн, аны дининен кайтараттырбыз», - дешти. Ал кишинин алдына барып: “Эй Мухаммад, биз яхудийлердин аалымдары, ак сөөктөрү жана жетекчилери экенибизди билесиң. Эгер биз сени ээрчисек, яхудийлер да бизди ээрчийт жана бизге каршы чыгышпайт. Биз менен бир коом ортосунда араздашуу бар, ошого сени өкүм чыгаруучу кылсак, сен аларга каршы биздин пайдабызга өкүм кылсаң, ошондо сага ыйман келтирип, тастыктайт элек”, - дешти. Расулуллах ﷺ баш тартты, ошондо ушул аят түштү:

﴿وَأَنِ ٱحْكُم بَيْنَهُم بِمَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ وَلَا تَتَّبِعْ أَهْوَآءَهُمْ وَٱحْذَرْهُمْ أَن يَفْتِنُوكَ عَنۢ بَعْضِ مَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ إِلَيْكَ ۖ﴾

***«**(Эй Мухаммад)**, алардын ортосунда Аллах түшүргөн нерсе менен өкүм кылгын, алардын каалоо-нафсилерине ээрчибе жана Аллах сага түшүргөн өкүмдөрдүн айрымдарынан сени **(буруп)** фитнага салып коюуларынан этият болгун!»*** [5:49]

Ибн Хишам Сийратта Ибн Исхактан риваят кылган, Ибн Жарир өзүнүн тафсиринде келтирген.

Абу Муса Ашъарий айтат: Яхудийлер Расулуллах ﷺдын "Ярхамукумуллах" дешин үмүт кылып, ал кишинин алдында чүчкүрүшөт эле. Бирок, Расулуллах ﷺ аларга:

«يَهْدِيكُمُ اللهُ وَيُصْلِحُ بَالَكُمْ»

**«Аллах силерди хидаят кылсын жана абалыңарды оңдосун»,** дечү. Тирмизий жана Абу Давуд риваяты.

- **Алар Аллах Тааланын сөздөрүн өзгөртүшөт:**

Яхудийлер зына кылган яхудий эркек менен аялды Расулуллах ﷺдын алдына алып келип: "Бул экөөсү зына кылышты", - дешти. Расулуллах ﷺ: "Алар жөнүндө Тууротто эмне деп айтылган?", - деп сурады. Яхудийлер: "Аларды дарралайбыз жана шерменде кылабыз", - дешти. Ошондо Расулуллах ﷺ: "Аллахка ант, алдап жатасыңар, Тууротто ташбараң аяты бар, эгер чынчыл болсоңор, Тууротту алып келип окугула", - деди. Абдуллах ибн Салам да: "Аллахка ант, алдап жатасыңар, анда ташбараң аяты бар", - деди. Алар Тууротту алып келип ачышты. Алардын арасынан Ибн Сурия деген бир көздүү киши келип, колу менен ташбараң аятын жашырып, андан мурунку жана кийинки аяттарды окуй баштады. Абдуллах Ибн Салам ага: "Колуңду ал", - деди, ал колун алганда ташбараң аятын көрүндү. Ошондо яхудийлер: "Ооба, эй, Мухаммад, ташбараң аяты бар", - дешти. Расулуллах ﷺ ал экөөсүн ташбараң кылууну буюрду жана алар ташбараң кылынды. Ибн Умар айтат: "Ошол күнү ташбараң кылгандар арасында мен да бар элем".

- **Алар жалган жана доомат менен өзгөчөлөнүп турушат:**

Анас ибн Малик риваят кылат, Абдуллах ибн Салам Исламды кабыл алган соң, Расулуллах ﷺга: "Оо, Аллахтын Расулу, албетте яхудийлер дооматчы коом.

Менин Исламга киргенимди билише электе алардан мен жөнүндө сурагыла", - деди. Яхудийлер келгенде Расулуллах ﷺ алардан: "Абдуллах ибн Салам араңарда кандай киши?", - деп сурады. Алар: "Ал арабызда эң жакшыбыз жана эң жакшыбыздын уулу, эң абзелибиз жана эң абзелибиздин уулу", - дешти. Расулуллах ﷺ: "Абдуллах ибн Салам Исламга кирсе эмне дейт элеңер", - деди. Алар: "Андан Аллах сактасын", - дешти. Расулуллах ﷺ сөзүн кайталады, алар дагы ошентип жооп берешти. Ошондо Абдуллах ибн Салам алардын алдына чыгып: "Ашхаду ан ла илаха иллаллах ва анна Мухаммадан Расулуллах", - деди. Алар: "Ал эң жаманыбыз жана эң жаманыбыздын уулу", - дешип, аны кемсинте башташты. Ал: "Оо, Аллахтын Расулу, мен коркуп жаткан нерсе ушул эле", - деди. Бухарий риваяты.

- **Дажжалды ээрчүү:**

Расулуллах ﷺ айтат:

«يَتْبَعُ الدَّجَّالَ مِنْ يَهودِ أَصْبَهَانَ سَبْعُونَ أَلْفًا عَلَيْهِمُ الطَّيَالِسَةُ»

**«Дажжалды таяласа** (жашыл фарс жамынчы) **кийишкен Исфахан яхудийлеринин жетимиш миңи ээрчийт».** Муслим риваяты. Расулуллах ﷺ Дажжал яхудийлерден болот, деген. Муслим риваяты.

## БАСКЫНЧЫ МЕНЕН САУДИЯНЫН ЖАШЫРУУН КЫЗМАТТАШТЫГЫ

Газа секторуна каршы (израиль) баштаган кандуу согуш менен бирге баскынчы (израиль) менен Саудиянын мамилелерди нормалаштыруу келишими жөнүндөгү кеп-сөздөр улануудa. Кошмо Штаттар эки тарапка ортомчу ролун ойноп жатат. «Israel Today» гезити жарыялаган макалада келгендей, бул байланыштар эки тараптын мамилелерди нормалдаштыруу келишимин ишке ашыруу аракеттеринен бир топ мурун башталган жана тараптар ондогон жылдардан бери жашыруун кызматташып келишкен. Үстүрттөн бул эки өлкө бири-бирине касташкан душмандай болуп көрүнөт жана Саудия расмийлери ондогон жылдар бою яхудийлерди чындап келишкен. Бирок, жабык эшиктер артындагы чындык башкача. Макалада кызматташтыктын тамырлары 1948-жылга барып такалышы айтылган. Эки мамлекет ортосундагы жашыруун мамилелердин белгилери өткөн кылымдын 60-жылдарында Яманда жарандык согуш башталганда байкалган. Ошондо Эр-Рияз өзүнүн аба мейкиндигин Яман бийлигинин күчтөрүнө жардам таштаган (израиль) самолёттору үчүн ачып берди... Макалада келгендей, Саудия расмийлери акыбетте (израиль) бул жерде туруктуу каларын түшүнүп жетти. Саудия королу 1977-жылы (израилди) эч ким картадан өчүрүүгө урунбай жатканын моюнга алды... Макалада айтылгандай, Булуң согушунда саудиялыктар менен (израилдиктер) бир тарапта болду жана экөөсү тең Ирактын мурунку президенти Саддам Хусейн тарабынан бутага алынды... Андан кийин Мадрид тынчтык конференциясында эки тарап биринчи ирет бир бөлмөдө олтурду... Гезитте билдирилгендей, 2006-жылы (израиль) менен Ливандагы Хизбуллах ортосунда согуш башталып, Иран тарабынан колдоп-кубатталган Хизбуллах көпчүлүк адамдар ойлогондон күчтүү экендиги көрүндү. Бул болсо, Саудия менен (израилди) бир кооптуу кайыкка салды. Себеби, алар түздөн-түз Тегерандын коркунучуна кабылышты... Абрахам келишимине келсек, бул жөнүндө макалада мындай делет: Саудия (израиль) фалестиндиктер менен болгон проблеманы чечкенден кийин (израиль) менен мамилелерди нормалдашууга барары жөнүндө ишаралар бар... Саудиялыктар 2023-жылы баскынчы менен мамилелерди нормалдаштырууга даяр экендиктерин жарыялашты. Бул болсо эки мамлекет өз ара мамилелерди расмий мамилеге айлантууга жакындашып жатканын көрсөтөт. Бирок, 7-октябрдагы жана андан кийинки окуялар Сауд Арабия менен мамилелерди нормалдаштыруу келишимине каратылган аракеттерге тоскоолдук кылды... Гезит макаланы «Саудия-(израиль) мамилелери мурун белгилүү болгондон да терең тамырларга ээ болушу мүмкүндүгүн көрсөтөт», - деп бүтүргөн.

**Ал-Ваъй:** гезиттин макаласы Сауд үй-бүлөсүнүн тамыры яхудий экенин көрсөтөбү?! Мусулман акимдери жөнүндө мындай тыянакка келүү таң калычтуу эмес. (израилдин) мурунку премьер-министри Голда Маер өз эскерүүлөрүндө «Арабдар бир күн келип (израиль) перзенттерин алардын өлкөсүнүн башкаруусуна алып келгенибизге таң калышат» дебеген беле?! ❑

# АМЕРИКАНЫН «RAND» КОРПОРАЦИЯСЫ: КОШМО ШТАТТАРДЫН КҮНҮ БАТЫП БАРА ЖАТАТ?

Белгилүү америкалык журналист Дэвид Игнатиус «Washington Post» гезитинде жарыяланган макаласында АКШ коргоо министрлигинин (Пентагон) буйуртмасы менен «RAND» корпорациясы алып барган терең изилдөөнү ачыктаган. Бул изилдөө Кошмо Штаттар жарга карай бара жатканы мүмкүндүгүн жана мындан кемден-кем ири мамлекеттер аман калганын тастыктайт. Игнатиус: «”RAND” изилдөөсү Кошмо Штаттарда бул кулоодон аман калуу жана анын коркунучтарын алдын алуу үчүн көптөгөн каражаттар бар экенин тастыктаган. Бирок, проблема ушунда – бул проблема жана аны кантип чечүү жолдору жамааттык түрдө моюнга алынбаган», - деп кошумчалайт. Ал баса белгилегендей, «Улуттук аракеттин кайра тикелене турган булактары» деген, башкы автору Майкл Ж. Мазар болгон бул изилдөө АКШнын Кытайга атаандашдык позициясын баалоо үчүн Пентагондун буйрутмасы менен даярдалган отчёттордун бир бөлүгү. Игнатиус «RAND» отчётун «жарылуучу» деп түшүндүрөт жана бул отчёт «Кошмо Штаттардын аброюнун салыштырмалуу төмөндөшүнө алып келген себептер жөнүндө суроону ортого салат дейт. Анын сөздөрүнө ылайык, изилдөө ушуну көрсөтөт: «Ири мамлекеттер ички факторлор себептүү лидерликтен түшсө, алар кемден-кем учурларда бул тенденцияны артка кайтарат жана тарых динамикасын өзгөртөт. Изилдөө кеңири көлөмдүү улуттук кыйроонун себептерине айкындык киргизип, алардын арасында кумарлануу-ырахатка өтө берилүү, технология менен шайкеш болбоо, катып калган бюрократия, жарандык фазилаттардын жоголушу, чектен ашкан аскерий экспанция жана зулумдун күчөшү о.э. өзүмчүл жана өз ара күрөшүп жаткан элита, айлана-чөйрөнү коргоого карама-каршы операциялар сыяктуу себептер бар экенин айтат. Изилдөөгө ылайык, «проблемалар бизге таасир көрсөтүшүнөн мурун аларды чечүү үчүн демилге көрсөтүү» керек. Изилдөөгө ылайык, «проблеманы чечүү» маселесинде Кошмо Штаттардын 2024-жылдагы аракети «начар» деп мүнөздөлөт. Игнатиустун айтымында, «RAND» изилдөөсү ушуга анык далалат кылат – элдин кызыкчылыгы жана өлкөнүн тикелениши үчүн аракет кылбоо, реформа каражаттарынан пайдаланбоо, башкарууну бардыгына ылайык келген реформа моделин колдонгон жаңы жетекчилерге тапшырбоо Кошмо Штаттардын жакынкы келечекте кризиске кептелишин түшүндүрөт.

**Ал-Ваъй:** бул макала мамлекеттин начарлыгына ишара кылуудан көрө көбүрөөк Батыш хазаратынын начарлыгына о.э. Америка Европаны кууп жетип, ал сыяктуу карып баштаганына ишара кылат. Америка калкы башынан өткөрүп жаткан рухий боштук, фикирий кыйроо, баалуулуктардын жоголушу, пайдапарастыкка негизделген өзүмчүл фикирлөөнүн өкүмдарлыгы, бай жашоого берилүү жана тектик кемсинтүүнү эч ким этибарсыз калтыра албайт. Батыш хазараты кыйроо жараянында турат жана бул алардын мамлекети ичинен жемирилишине алып келет. Ооба, бул макала Батыш хазараты үлкөндүгүнө карабастан негиздери морт экенин ачыкка чыгарат. Негиздеринин морттугу жана имаратынын үлкөндүгү Батыш хазаратынын кулашын чуулгандуу кылат. ❑